ӨСКӨНБАЙ БЕРДИБАЕВ

# ДООРЛОР БАЯНЫ



Скырг
Б 48

**Өскөнбай Бердибаев**

# ДООРЛОР БАЯНЫ

**Бул китеп Жапаркул уулу Рахманкул хандын 110-жылдыгына арналат.**

*"Рахманкул хандын атасы Жапаркул миң-башы жөнүндө тарыхый баяндамалар жана көркөм чыгармалар "*

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

2023
Бишкек

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 484646

УДК 821,51 - 3
ББК 84(5 Кир) - 44
Б 48

**Бердибаев Өскнбай**
**Б 48** Доорлор баяны: (Даректүү баян, ырлар) – Б; "Абдырай Групп" 2023, - 112 б.
ISBN 978 – 9967 – 492 – 12 - 7

Бул китепте кыргыздын акыркы ханы Рахманкул хандын атасы Жапаркул миң-башы жөнүндө көркөм чыгармалар жана тарыхый баяндамалар жазылды.

Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

ISBN 978 – 9967 – 492 – 12 - 7

УДК 821,51 - 3
ББК 84 (5 Кир) - 44
©Бердибаев Ө. 2023





# АЛГЫ СӨЗ

Адам баласы жер үстүнө жаралгандан баштап, ар-түрдүү тагдырларды башынан өткөрүп, ажалы жетип көзү өткөнчө жаратkан буюруп койгон өмүр суусун ичип, өз күнүн көрүп жашай берет экен. Бул бей-оопа жашоого кимдер келип кимдер кетпеди оов!!!

Не деген улуу инсандар, кандай гана кашкөй кыйындар, эл башкарган эрендер ажалга моюн сунуп бул ааламдан өтүп кетишти.

Кантсе да бул тирүүлүк токтобойт экен, жаз артынан кыш келип, күндөр жылга алмашып өмүр суусу токтобой ага берет экен.

"Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы" дегендей, кылым тогошуп коом өзгөрүп, эл өзгөрүп, а түгүл адам баласынын пейили, кулк-мүнөзү да өзгөрөт тура.

Бир гана өзгөрбөй түбөлүк ташка тамга баскан сыяктуу кала берген, бул адам баласынын басып өткөн тарыхы болот экен. Тарых бул эч качан өзгөрбөйт. Анткени тарыхты доор жазат, ал эми доорду мезгил убакыт өзү калыптандырат экен.

Биздин айта турганыбыз сөзүбүз, бир аз жазып калтырып кете турган эмгегибиз бул Сары-Колдун чыгаан инсаны Жапаркул миң-башынын жана анын уулу Рахманкул хандын жаркын элестерине арналат.

Доорлор өтүп тарыхтын мезгил жазган барактарында сакталып калып кеткен, улуу инсан бул Жапаркул миң-башынын жашап өткөн өрөөнү, жана ал жердин тарых таржымалы.

Жапаркул миң-башынын уулу айтылуу Рахманкул хан дал ушул, биздин (Чыгыш-Памир) Мургап районунун Көөнө-Коргон айылына караштуу Тамчы-Жар деген жерде туулган.

Жапаркул миң-башынын ушул өрөөндө жашап өткөнү, ал жердеги Ак-Падышанын аскер офицерлери менен болгон достук мамилелери, Жапаркул миң-башынын айтылуу

Кудайберген байдын кызын алгандыгы, ошол учурдагы чоң тойдо болгон кызыктуу окуялар жөнүндө биздин чоң аталарыбыз баарын айтып бизге калтырып кеткен.

Эми биз ошол улуу элибиздин учугун улай, жердешибиз айтылуу Жапаркул миң-башы боюнча азыноолак билгенибизди, аксакал аталардан укканыбызды ак баракка жазып тарыхка калтырып кетүүнү туура көрдүк. Бул китептеги сөздөрдү ата-бабаларыбыздан уккан уламыш, өтмүш аркылуу сиздерге жеткирип отурабыз, бул китептеги сөздөр биздин ата-бабаларбыздан калган таберик.

Ылайым ушул жазган китепчебиз муундан муунга таберик болуп калсын.

Келечек муун өткөн тарыхын, басып өткөн жолун унутпасын.

Биздин жазган ушул эмгегибиз, жалпы Жапаркул миңбашынын урпактарына, элибизге, журтубузга асыл белек болсун !!!

Жараткан өзү колдосун !!!
Ордобуз толсун!!!
Улутубуздун унгусу жоголбосун !!!

*"Короңголуу Кооно-Коргон" жамаатынын аксакалдары.*





# Доорлор түпкүрүнөн суурулуп

Доорлор түпкүрүндө, Сары-Кол кыргыздарынын тарыхы ак баракка жазылбай, көмүскөдө көбү калды айтылбай!

Бу Сары-Кол өрөөнүндө толук кыргыздардын не бир кыйын, не бир кашкөй, уулдары, кыздары болгон!

Жылдар кылымдарга айланып ошол инсандар, уламышка айланып – илгери-илгери ушундай бир элде, баланча деген жерлерде, бир адам болгон экен деп ал тиги уруудан болгон экен деп, уламыш катары аңыз болуп айтылып анан барып дагы доорлор алмашып ошол инсандардын ысым-аттары да замандын капшабында өзгөрүүгө учурап, же аты жөндөрү такыр өчүп, "тээ илгери бир ушундай кыйын адамдар өткөн экен" деп аты-жөнү жок бир белгисиз баатыр сыяктуу жомок болуп айтылып калды.

Ошол азыркы күндө Сары-Кол өрөөнүндө жомок болуп айтылып калган каармандардын көпчүлүгү турмушта жашап өткөн эле адамдар. Ал инсандар өткөн доорлордун каарман баатырлары.

Тоо элинин башынан өткөн тарыхында доор ошондой кашкөй, не бир кыйын адамдарды жаратты. Доор инсанды жаратат экен.

Ар кайсы заманга жараша ошол доордо жашап жаткан эл ичинен тың чыкма, камчыга сап болору чыгат экен .

Тарыхта Сары-Кол элинин башынан ар-түрдүү тагдырлар өттү, ар түрдүү доорлор өттү, ошол өткөн доорлор өз каармандарын жаратып кетти.

Бирок, аттиң деп өкүнөрлүк бир себеп бар! Себеби биз, ошол доор инсандарынын аңыз сөздөрүн аталарыбыздан угуп жүрүп, (күнүмдүк жашоонун айынан) ошол жергебиздеги өткөн тарыхый инсандар боюнча көп сөздөрдү кагазга түшүрүп сактап кала албадык. Биздин ата бабалар көп нерселерди өздөрү менен кошо тиги дүйнөгө алып кете берди.

Бизден эмне деген гана өткөндү айткан, ыр айткан, казал айткан, өлөн айткан, баатырларды ыр кылып айткан, уламыштарды жомок кылып айткан көптөгөн инсандар өтүп кетти. Эгер ошолорду биз кийинки муун ата-бабаларыбыздан жазып сактап калсак азыркы күндө биз тарыхка бир аз салым кошо алар белек, аттиң...

Биздин аталарыбыз куйма кулак, ар бир нерсеге маани бере алган, ар бир окуяны уккан сөздөрүн жүрөгүнө тык түйүп алган адамдар болгон экен, аталар - тээ өткөн доордон козгоп сөз кылышат эле, өткөндү айтат эле, өткөндү эстеп, өткөндөн сабак алышат эле.

А биз кийинки муун өткөндү унуттукпу?

Биз күнүмдүк жашоо менен, убактылуу бир кызыгууларга берилип учур чак менен гана жашап, өткөндү элес албай баратабыз!

"Ким өткөндөн сабак албаса, анын келечеги бүдөмүк" деген сөз бар!

Тээ илгерки доорлордогу дүйнөнүн чокусу аталган (Чыгыш-Памир) Сары-Кол өрөөнүндө, тоо арасында жашаган элдин тарыхы, каада-салты, үрп-адаты, салттуу баалуулугу, бул түгөнгүс кенч, дагы деле улуу жердин улук элдин тарых казынасы казылбай көмүскөдө жатат. Андыктан келечек муун тарыхка кайрылалы!

Артыбызга бир кылчайып карай, өткөн күндөргө сересеп салалы.

Өткөн доорду унутпайлы.

Улуу элдин урпактары катары калыптаналы!

"Тарыхы болбой эл болбойт, тамыры болбой жер болбойт" деген улуу сөз бар элибизде.

Оо, улуу тоолордун арасындагы доорлордон суурулуп чыккан улуу кыргыз!, Өзөк тамырыңа кайт! Өз тарыхыңа кайрыл! Өткөнүңдү унутпа!!!





# "ДООРЛОР БАЯНЫ"

Коломтодогу от күүлдөп күйгөн соң, кыпкызыл чокко айланып табы ысык от боюндагы отургандардын бети-баштарын кызартып- албырып чыкты.

От боюнда отургандар баары үнсүз-сөзсүз баары ойлуу.

Баары эртеңки келечек күндү ойлошуп, ой-санаага батышкандай. Бул Ак-Падышанын аскерлери элге эмнени көрсөтүшөт деген ой отургандардын жүрөгүн түпөйүл кылып турду.

Уй мүйүз тарта тегеректеп отурушкандардын ишке жарай тургандары акылгөйлөрү бул саам отту тиктеп узакка үнсүз отурушту.

Журт башылар керт баштарын эмес элин-жерин ойлошот.

Түпсүз түйшүктүү санааларга миң-миң сүңгүп эзиле сарсанаа болушат.

Бу Сары-Кол өрөөнү мал-жанга ылайыктуу жери-кенен, от-суусу мол мал-киндиктүү жер.

Кудай таалам ушундай ажайып кенен жерди ак-ниет кең-пейил Сарыкол элине атайын белек кылган сыяктуу.

Мындагы тоо эли бирөөгө жамандыгы жок, жоош-момун, эмгекчил, бирди-эки кылып малын мал кылган чарбачыл мээнеткеч калк.

Бул бийик Памир тоолорунда аштык өспөйт, мөмө-чөмө бышпайт.

Тоо арасындагы элдин жашоо тиричилиги бирден-бир мал менен өтөт .

Олуяна айланайын, Сары-Кол өрөөнү мал-жанга ылайыктуу, кышында кар аз жаап, карандай кара шамалы токтобой жүрүп турат.

Бул жердин чөбү күчтүү мал дээрлик талаадан оттоп кол карабайт .

Кыштын чилдесинде токтусу союшка кеңири жарайт

А бирок журт башыларды дайыма түйшөлткөн ой-санаа, бул жерге бөтөндөрдүн суктанып көз артуусу болор эле.

Жылдан-жылга бул Сары-Кол өрөөнүнө көз артып, ээлик кылып алууну көздөгөндөрдүн тымызын жасаган аракеттерин журт башчылары илгиртпей туюп билип турушту.

Аптаптуу от боюнда Сары-Кол элинин журт башчылары не бир элин, не бир жерин ойлоп санаага батып отурушту.

Саамга кызарган чокту тиктешет үнсүз .

Эл ишенген журт башчылары, өз жерлеринин ар бир күнгөйдө күнгө күйгөн кара ташын, ар бир күнгө куурап саргайган күздүк чөбүнөн өйдө баарысын кымбат көрүшүп аздектешер эле.

Кийинки күндөрү ак-падышанын аскерлери келгенден бери, журт башчылары ар-ойлорду ойлошуп, түнү уйкусуз таңдарды атырып калышты.

Алар ар бир ойлогон ойлорун таразага салышып, акыл калчап жатышты.

Акыры көпкө ойлонушуп, баам салышып отуруп, ак-падышанын аскер өкүлдөрү менен ысык ымала түзүү оң экендигин көкүрөктөрү менен сезишип жүрөктөрү менен туюшуп, чын дилдеринен бир ыңгай чечим чыгарып жатышты ичтеринен.

Журт башчылары айтса-айтпаса төгүнбү!

Орус аскерлери күчтүү куралданган, куралы күч аскерлер менен куралсыз тоо эли тирешип эмне табат?

Эгер биз ак-падышанын аскерлери менен тирешүүгө өтсөк, анда бөөдө кан төгүлүп ортодо карапайым эл кырылып калат, элге кыйын күн келет.

Малын багып кара-жанын багып жүргөн элге түйшүк түшөт, анда элди ким коргойт да ким колдойт!

Андан көрө бул орустар менен достук мамиледе болуп ымала түзгөнбүз оң эмеспи! Же тоо арасында жашаган бир ууч элдин жарытаарлык куралы болбосо.





Ак-падышанын аскерлери Сары-Кол өрөөнүнө келип жайгашкандан бери, ар кайсы ашуудан ашып келип кол салган душмандардын жолу буулду.

Ак-падышанын аскерлери келгенден бери өрөөндө жашаган эл не бир тынчтыкты, не бир жакшы күндөн үмүт артып калды.

Ак-падышанын аскер өкүлдөрү өздөрү Сары-Кол элинин журт башчыларына кат жолдоп кайрылып, жалпы эл менен болгон достук мамилени бекемдөөнү көздөп турбайбы.

А бирок эл деген эл да, кой аксагы менен миң дегендей, эл ичинде бузукулар, теңирден тескери кетип карасанатайлык кылып элди тымызын тескери үгүттөгөндөр да аз эмес. Ошол эл бузарлар элди тескери үндөп, ак-пашанын аскерлери менен кокус чабышып кетер болсо, бейкүнөө эл кырылып жазыксыз момундардын канына ким жооп берер аа.

Экинчиден ак-падышанын өкүлдөрүнө каршы чыгууга эмне себеп, булар деле өз жолунда жүргөндү туура көрүп эч кимди ак жерден кысмакка албады го.

Же башка көздөгөн бир ой максаты барбы булардын?

Журт башчылары миң ойлонуп отуруп, ак-падышанын аскерлерине каршы туруудан эч майнап чыкпай турганына көздөрү жетишти.

Тоо арасындагы жазыксыз элдин тынчтыгы үчүн, журттун амандыгы үчүн орус аскерлери менен достук, ынтымактык мамиледе болуп өз ара ымала түзүп достук мамилени бекемдөөгө толук бел байлашты.

Коломтону тегерете отургандар журт башчыларынын көз караштарынан алардын ойлорун окуп, жүрөктөрүнөн чечим чыгара алышпай, алда нелерди ойлошуп кыйналып-чайналып не болсо да бир элинин тынчтыгын көздөп, бир чечимге бара тургандыктарын туюп турушту.

Журт башчыларына не бир жакшы туура ой келерин, не бир оозунан жакшы сөз чыгарын, не бир журтка жакшы күн келерин үмүт кылып отурушту отургандар.

Чынында эл тынчтыкты гана каалайт, эл бейпил жашоону эңсейт.

Ээй, бул эл деген эмнелерди көрбөдү, ар ашуудан душман кол салып, тоноп чаап, кызыл уук кылып кеткен доорлорду тарых жокко чыгара албастыр оов.!

Акыр аягында, журт башчылары орус өкүлдөрү менен достук мамиледе болуп тынчтыкты бекемдөө чечимин туура көрүп ынанып отурушту.

Бирок журт башчыларынын ак-падышанын аскер өкүлдөрүнө айтар сөзү коё турган талаптары бар!

Алар элдин тынчтыгын бейпилдигин сурашат! Журт башчыларына орустун башка эч нерсеси керек эмес.

Эл-журт айтса айтпаса төгүнбү? Сиз жакшы, биз жакшы деп тынчтыкта эле “сизиң-бизиң” менен жашоо сүргөнгө не жетсин.

Ак падышанын аскерлерине каршы чыкканда эле эмне чечилет?

Баягы эле элге күн түшөт, бөөдө жазыксыз элдин каны төгүлөт .

Ак падышанын аскерлери чек араны душмандардан коргоп берсе, салык салбаса, элди кыйнап тонобосо, эл журт менен тынчтык мамилесинде болсо, эгер ушул шарттар аткарылса достук кызматташууга журт башчылары да макул болушат.

Булар менен душмандашуунун каршылашуунун эч пайдасы жоктугун билишет алар.

Сары-Кол элинин журт башчылары кантсе да улууларды көргөн, улуу элдин урпактары да, бул саам дагы туура чечим чыгарышты.

Оң иш кылышты.

Иштин так болорун көздөштү.

Бузуку митаам эл бузар, өзүнүн байлыгын өз керт башын ойлогондордун сөздөрүнө кирбеди.

Бул саам да журт башчылары демейкисиндей көрөгөчтүк менен акыл калчап туура чечим чыгарышты.





Журт башчылары элди жалпы журтту ойлоп, элдин тынчтыгын журттун бейпилдигин тандашты.

Журт башчылары жана жанында отургандар жандана түштү.

Журт башчылары тынчтык жолун тандаганы туура болорун, ак-падышанын аскер өкүлдөрү менен ынтымакта достукта кызматташып эли журттун бейпилдигин көздөй кызмат кылышарын жар салышты.

Баардык эл макул болушту, баары колдоп турушту.

Бул ошол учурдун ошол мезгилдин талабына ылайык журт башчылардын эң туура кабыл алынган чечимдери эле.

Ошентип Сары-Кол элинин өкүлдөрү менен, Ак-падышанын аскерий өкүлчүлүгү, эки тараптын кабыл алынган макулдашуу шарты менен, достук жана ынтымактыкта кызматташуу келишими макулдашылып, Сары-Кол жергесинде ак-падышанын аскерлери менен Сары-Кол эли ынтымакташып, биргеликте чек арасын коргошуп, жашоо кечирип турушту.

# Ысмайыл ажынын баяны :

Болжол менен 1887-жылдары Сары-Кол өрөөнүндөгү Чеш-Төбө деген жерде, жут болуп кар көп жаап ал жердеги эл журт которууга аргасыз болот. Ал кезде азыркыдай мащина жок, ат-улоо, өгүз, төөлөр менен эл көчүп жөнөйт. Ат, өгүз, төөлөргө боз үйлөрдү чечип жүктөшүп, кары-картаң аксакалдарды, аял жаш-балдарды ат эшекке мингизип көчтүн артынан салып жөнөтүп Жапаркул кой менен калат. Калың кар бурганактаган шамал ат-төөнүн жүрүшүнө тоскоол болуп көч болжогон жерине жетбей жолдо түнөк курууга мажбур болот. Айлана аппак кар, бир карыш кара жер жок ызгардуу суукта ар ким өз жаны менен алек болуп шайлары кетип калганда Элчибай баштаган аксакалдар бир ыктоо жерге отоо (түнөк)

курушат, ал жерге бир боз үйдү тегиртмек кылып кары картаң, аял бала чаканы олтургузуп тыныгып калышат. Көз байланып суук катуулап кантип таң атырабыз деп кийимдерине оронушуп ысык оттон көздөрү учуп турган кезде, тээ алыстан койлордун шыбырты угулуп көп өтпөй бир короо койду айдап өгүзүнө эки кап тезек, өзү артына бир тең терскен көтөрүп Жапаркул келип калат. Көтөрүп келген терскенин жагып өгүзгө артып келген тезектерин тегиртип жиберет. Суукта жандары көзүнө көрүнүп турган эл сүйүнүп кетишет. Ошондо Элчибай баштаган аксакалдар Жапаркулга ыраазы болушуп бата беришет. Ошондо Элчибай бай "келечекте ушул элдин ээси ушул жигит болот" деген экен. Ошентип эл мал жан аман-эсен чабырга жетип арадан көп убакыттар өткөндөн кийин Элчибай бай Жапаркулдун көрөгөчтүгүн байкап көп нерсеге акылы жетип, ар кандай кыйын кезеңдерде чече биле ала тургандыгын байкап Жапаркулду миң-башылыкка сунуштайт.

(Чыгыш-Памир) Сары- Кол жери тээ илгертен эле чоң өрөөн болуп Сары-Кол деп аталып келет. Орустар 1860-жылдары Орто Азияны басып алганда эле Сары-Колго ээлик кылыш үчүн аракеттерин баштаган экен. Айтылышка караганда орустар 1870-жылдары Фергана губернатору тарабынан Ош Уездинен тапшырма болуп Капитан Куропаткиндин командачылыгы астында окумуштуу геолог Литвиенко деген баш болуп чакан экспедиция Сары-Колго келишет. Окумуштуу Литвиенко бүткүл Сары-Кол жерин кыдырып картага түшүрүп капитан Куропаткин Сары-Кол эли менен жолугуп мындан кийин биз менен болосунар, биздин курамга өтөсүнөр деп жыйын курат. Ошол мезгилдеги жашаган адамдардан Токурбек деген адамды миң-башы болот деп шайлап ошол чөлкөмгө башчы кылып биз койгон адамыбыз деп миң-башы кылып орустар кетет. Ошол кезден 1923-24-жылдарга чейин Сары-Кол өрөөнү азыркы Мургаб району Ош уездине карап турган экен. Ошентип орустар кеткенден кийин Сары-Колго Англиянын өкмөтүнөн адамдары келет. Алар да





Токурбек менен жолугушуп "сен эли жериң менен бизге кошул, биз менен бирге бол" деп курал-жарак дагы көптөгөн нерселерди тартуу кылат. Токурбек аларга да "макул" дегендей кылып жооп берип жөнөтүп жиберет. Токурбектин бул кылган иши орустарга жетип орустар "1890-жылы Петербургдан катуу тапшырма алып Сары-Колдун Кокон хандыгына караган жерин толук орус падышачылыгына каратасың" деп полковник Ионовду чоң отряд менен Сары-Колго жөнөтөт. Ушул сөз "История Памир "деген китепте так көрсөтүлгөн. Ошол жазылган архивдик маалыматтарга караганда 1892-жылы полковник Ионов 1200 солдат 120 жогорку чиндүү офицерлер менен көптөгөн курал-жарак менен азыркы Көөнө-Коргон деген кыштакка отряд пост салганы ушул жерге токтоп калат. Ошол кезде жогор жакка орустар "эки суунун кошулушу ушул жерге келдик, ушул жерге пост курууга уруксат берилсин" деген каттары да архивдик материалдарда көрсөтүлгөн. Полковник Ионов 1200 аскери менен тездикте ошол жерге пост курдурган экен. Ошол постун урандыларын биз көрүп калдык. "Николайдын сарайы" деп аталчу, кийин "Көөнө Шкөл" деп аталып мектеп да болуп турду. Орустар Ферганадан алган тапшырмасы менен Аличордогу, Сүмөдөгү Англиянын аскерлерин жана бул жагы Кытай аскерлерин Кызыл-Жээктен кууп чыгып, Литвиенко түзгөн 1870-жылкы карта менен азыркы Мургаб районуна караштуу жерлерди бүткүл Россиянын курамында деп таанып, орустар өздөрүнүн аскерлерин коёт. 1893-1894-жылдары полковник Ионов ошол жердин элдерин Сары-Колдун "мына мен" деген жакшыларынан миң-башы шайламакчы болот. Андыктан Токурбекти "ак-пааша чакырды, сен ошол жакка барасың" деп Ошко жөнөтүп жиберет. Ошол жыйынга Сары-Колдун жакшылары катышат. Менин билишимче Аличордон Жакыпбай, Чеш-Төбөдөн Элчибай бай, Ыраң-Көлдөн Кудайберди бай катышат. Бул чогулушта миң-башылыкка эки талапкер көрсөтүлөт. Жергиликтүү калк Элчибай байдын

көрсөтүүсү менен Жапаркулду көрсөтөт. Экинчи миң-башыны орустар тараптан Көкөнбек деген адам көрсөтүлөт. Буга Ионов жергиликтүү калктын талабына макул болуп Кара-Көл менен Бартанг тарапка Көкөнбекти миң-башылыкка дайындап, Жапаркулду Чыгыш-Памир волосту деп атап ошол чөлкөмгө миң-башы кылган экен. Буга бир далил окуя менин чоң атам Гайыпназаров Ысак (Чоң Ысак) деген мындай деп баян кылат эле: Чоң атам айтат эле: "13-14 жаш кезим, Ак-Байтал деген жерде Кулукей байдын колунда кой багат элем. Бир күнү кеч курун койдон келсем Кулукей бай чакырып, "балам, эртеге сен койго барба, эртелеп Ак-Байтал суусун бойлоп барсаң, Ак-Суу дайрасына кошулган жерде (Көөнө-Коргон) Шажан өтөк деген жер бар. Ошол жерде эл чогулуп жыйын өткөрүп жатат. Ошондо барып Жапаркул миң-башыга Жаныбек бай ажыдан келгенин сүйүнчүлөп чакырып кел, орустардын төрөсүн да ала келсин, менден салам жеткир" деп айтты дейт. Ал жерде базар бар, орустун аскерлери бар деген сөз кулагымда калып уктай албадым түн жарымында эле жөнөп кеттим дейт. Карнай (керней) тарттыга келгенимде таң атты, төөнү желдирип Бекжол-Ата мазарына келгенимде күн чак түш болду, пастан боз үйлөр көрүндү ошондо түшүп барсам катта (чоң) коргон экен, коргондун ичинде үч-төрт ак үй тигилип турат, көкүрөгүнө жалтырактарды таккан мүрүлөрүндө дагы тагылган нерселери бар көк көз адамдар жүрөт дейт. Ары бери жагын карап туруп калдым, аңгыча бир тааныш адам жолугуп калып "сен не кылып жүрөсүн бул жыйында" деди эле мен миң-башыга келдим эле кайсы үйдө болот алар десем ортодогу үйдү көрсөттү эле, жакындап барсам эшигин эки орус аскер кайтарып турган экен, пайлап туруп калдым, орустар бир аз ары басканда шарт кирип бардым, "ассалоом алейкум" деп кирсем, төрдө отурган адам "ой сагыра, кайдан келдин? Кайсы байды какшатып бизге арызданганы келдиң?"-деди дейт. "Жок мен качып келбедим, мени Кулукей бай сиздерге жөнөттү. Жаныбек бай ажыдан келди ошого сүйүнчүлөп кел,-деп





Жапаркул миң-башыны "чакырып кел деп жөнөттү дедим дейт. Ааа жакшы, жакшы кел,- деп айтып дасторкондун четине олтургузду дейт. "Кимдин баласысың? Атың ким?-деп сурады. Атым Ысак, уруум хан кыпчак болот, өзүм тектүү кыпчак уруусунун кулуну болом,- деп айттым дейт! Азаматым, жакшы деп тааныштык,- берди дейт. Ошол адам Жапаркул миң -башы экен. Бир аз чай ичтим, анан жанагы киши "тургула, баланын сүйүнчүсүн берели" деп сыртка чыктык дейт . Базарга алып келди мени дейт Азыркы Көөнө-Коргон айылындагы Умар агайдын үйү турган жерлер ошол жерде чоң базар (көчмө жарманке) болгон экен, ошондо кирип мага бир катар кийим алып берип, сен эми бара бер, Кулукей байга бизден салам айт, биз эртең эмес бүрсүгүнү барабыз, деп мени жолго чыгарды дейт. Кайтып келдим, эки күн өтүп Жапаркул орус төрөсү менен келди дейт. Конокторду тосуп алдык, мени менен жакшы учурашып Ысакбай деп, ал жай сураганда орус бир нерселерди айтты, аны тилмеч мага атың ким?- деп сурады мен Ысак,- деп айттым ошондо орус "большой большой" деди дейт. Ошондон кийин мени "большой" деп аташып "чоң Ысак" аталып калганмын,- деп көп айтып калат эле.

Ошентип, Жапаркул Көөнө-Коргон, Чеш-Төбө, Ак-Суу тараптарда жашап миң-башылык кылат. Арадан көп жыл өтүп миң-башылык шайлоо учуру жакындаган деген кептер таркап, Аличор, Ак-Суу эли миң-башылыкка Тилебалды деген адамды сунуштап жатканы угула баштайт. Ошондо Жапаркул баамдап көрсө өзүн колдогон аз эле Көөнө-Коргон эли Мадиян жана Ак-Байтал эли болуп калат. Ыраң-Көл эли кайсы тарапка макул болсо ошол адам миң-башы болорун сезген, акылдуу Жапаркул Ыраң-Көлдүн элин өзү тарапка алуу үчүн Ыраң-Көлдүн байы Кудайберген байдын кызын алып элди өзү тарапка алууга аракетин кылат. Бирок тилекке каршы Кударберген бай менен ымыласы анча жакшы болгон эмес эле. Жакшылардын баарын жыйнап Кудайберген байга жуучу койдурат, бирок бай кызын бербей коёт. Жапаркул кыйын адам

болгон экен, эми орустун төрөсүн бир салайын,- деп ойлойт. Бир күн мага Жапаркул кел деп мага айтты,-деп Ысакбай сен эртең орустун төрөсүн Күмбөздү колго алып бар, аттарды токуп эртелеп алып чык,- деп дайындап кетти дейт. Орустун төрөсүнө айтып койдум, жол баштап бар,- деп кетти дейт. Эртеси мен аларды алып чыгып бардым, үйгө кирип жайланышкандан кийин Жапаркул сөз баштап орус төрөгө сөздүн маанисин түшүндүрүп айтты, ал төрө өзбек тилин жакшы билген адам эле, Жапаркул менен да жакшы эле. Орустун төрөсүн Кудайберген бай ажыга жуучу болууга көндүрдү дейт. Ал төрөгө Жапаркул сөз үйрөттү дейт, байга барганында "макул" десең гана айтам,- деп макулдугун алгандан кийин "айт" деп бышыктап дайындады дейт. Ошентип, эртеси Ыраң-Көлгө жөнөп кеттик, барганыбызда Кудайберди бай тосуп алды, ошол кезде орус төрөсү кыйын адам эле, "бай ажы, мен сенден бир нерсе сурап келдим, "берем, макул" десең айтайын, болбосо ушул жерден кайтам,- деди дейт. Кудайберген дайыма "оо, жарыктык" деп сүйлөгөн адаты бар эле, "оо, жарыктык төрө, сиз сурасаңыз, мен жок дейт белем, макул берейин, үйгө кириң" деди дейт . Орус төрө "беремин дедиң а" деп үч жолу сурап Кудайбергенди кайта кайта "макул берем" деп айттырганда бай ажы ошондо сөздүн түпкүрү эмне экенин байкап Жапаркулду бир карап "оо тилимден кеттим" деп айтты дейт. Жапаркулга орус төрөсү Кудайберген байдын Апийда деген кызын алып берүүгө бата кылышат. Ошентип Кудайберген бай ажынын кызын алмакка той баштамак болуп, тойго камданып даярданат. Жапаркул миң-башы болуп далайга даңкы кеткен болсо Кудайберген бай ажы таанылган бай болгон. Бул тойго бул жагы Алай менен Андижан ары жагы Кашкар менен Хотан, Самаркан, Бухара, Ооган менен Бадахшандан эл чакыртып той башталган. Белгиленген күн келип Жапаркул менен Апийданин тою башталып эл келет. Жапаркул меннен Апийданин тою Сары-Колдо эң үлкөн даңазалуу төрт беш күн той болгон дешет. Ат





жарыштын баш байгесине кул, короосу менен кой, төө ат коюлган экен. Баш байгени Умар деген Көөнө-Коргончу кишинин аты келип кытай кулду алган экен. Ал бала кытайдан алынып келинген кичинекей кул бала болгон экен. Ошол тойдо эки күн базар болгон экен, кытайдан Сайитбек деген бай соодагер алып келип күн базар кылган экен. Ошол тойдо ак эшан деген адам келип Ыран-Көлдө суу агызган деген дагы кептер бар. Бул төмөнкүчө болгон экен Ыран-Көлдө аккан дарыя жок сууну көлдөн чаначтап ташыган экен ошондо Ак эшенге Кудайберген бай ажы келип беш маал даарат алганга суу түтпөй жатат эшеним ушул той өткүчө үч күн болсо да суу агызып бериңизчи дегенде. Эшен көпкө олтуруп шамга чукул сыртка чыгып кеткен экен. Эртеси таң атпай суунун доошу угулуп чоң дарыя болуп төө өтө алгыс болуп суу агып жатты дейт. Ошондо Кудайберген бай ажы курун мойнуна салып тилла алтындарын түйүп алып бир атты чылк алтын менен токутуп ак эшенге келип кечириниз, мен сынап айтпадым эле. деп бутуна жыгылганда,-ээ бай ажым мага да кылдың өзүңө да кылдың, түбөлүк сураганында Кудайым бермек экен. Кам тилектик кылдың, суу түбөлүк агып калмак экен деп, бул алтын күмүшүн мага керек эмес, сага керек,- деп тойго да турбай кетип калган экен дешет. Ошентип той бүтүп Жапаркул Апийданы алып, азыркы Көөнө-Коргонго келген экен. (Ысмайыл ажы чоң атасынан укканын баяндаган окуя)

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 484646

# Ысмайыл ажы Тайировтун айткандары: Жапаркул менен Апийданин тоюндагы ырчылардын баяны

Мен бул окуяны Абдиназар деген аксакалдан укканмын, Абдиназар аксакал Мааматбек аксакалдан уккан экен. Мааматбек аксакал минтип айткан экен: бир күнү отурсак эле, устатым Осмон куу кулак э,-балам жүр, Ыран-Көлдө чоң той бар экен, ошого барып катышып тамаша кылып келебиз,- деп мени эрчитип алды дейт. Мен ошол кезде Осмон куу кулакты эрчип таалим алып жүргөн кезим эле дейт. Тойго жакын калганда Осмон куу кулак экөбүз Ыраң-Көлгө жөнөдүк, жетип барганыбызда бай ажы бизди тосуп алып Осмон куу-кулакка,-менин ырчым болосун деп, тойдо жакшы даярдан деп бир үйгө конок алды дейт. Эртеси той башталып ырчылар ырдайт деп жар салды дейт. Ырчыларга бир үйдү даярдап койгон экен Осмон куу- кулак менен бирге ырчылардын жанына мен да кирдим, мен жаш бала кезим болчу, үйгө киргенде устатым Осмон куу-кулак сен да жөн олтурба, жок дегенде комузуңду чертип отур деди дейт. Үйгө киргенде мени менен тогуз ырчы болду, ошол тогуз ырчынын эң кенжеси мен экенмин дейт. Ырчыларга патта (байге) деп бир бир жамбы баш кылып бир токулуу ат, топоз, кой кылып акырына чапан кылып көп патта берди дейт. Ырчылар аксакалдашып катар олтурду, аягына мен олтурдум,-Кана эмесе баштайлы, оо аякта олтурган жаш бала баштап берсин,-деп кезекти мага берип калды дейт, -мен анча ырдай албайт элем, бирок комузду жакшы чертет элем комузду күүгө салып черте баштадым дейт. Күү чертип элди алаксытып туруп анан мынтип ырдап азмаз жамактап кошуп койдум дейт.





Тогуз ырчы топ ырчы,
Тогуз ырчы ичинен,
Эң кичиги мен ырчы.
Менин комузум койсом ырым бар ,
Менин колдой турган пирим бар,-деп токтодум дейт.

-Оо, болду, болду, балам мындан быягыны мага бер,- деп Осмон куу кулак улап кетти дейт.

Комузчу болсон коюп тур,
Коютмак ичип тоюп тур.
Куу кулак ырдайт угуп тур,
Кулагыңды түрүп тур.
Кошокчу болсон жыйып тур,
Көңүл буруп туюп тур.
Осмонуң ырдайт угуп тур,
Оюнду мага буруп тур.

Деп төгүп баштаганда, угууга эл көп келип үйгө батпай калды ошондо кой сыртка чыгалы эл батпай калды дешип сыртка чыгып түздөгөн бир жерге төшөк салып ырчылар кайра ырдай башташты дейт. Күн ысык ошого да карабай ырчылар айтыша баштады дейт. Ыр тыншаган эл улам көбөйүп айтыш эки күнгө созулду дейт. Бир кезде Бөрүбек апыз менен Осмон куу кулак ырчылар ырдап баштады дейт.

Ээ биз алыскы Сары-Кол элденбиз ,
Күнөстүү салкын төрдөнбүз .
Катар тойго Кашкардан,
Канча ырчы келсе көргөнбүз.
Сыпат кылып сый кылып,
Сыр сандык каткан ыр кылып.
Сый урмат кылып келгенбиз,
Сыйлыктын баарын бергенбиз.
Жабылып чогуу ырдашып,
Жаманын айтпай жеңгенбиз.

Ошентип кеч кирип, түн бир оокум болгондо ыр айтышууну токтотуп эртен уланталы,- деп эл таркады дейт. Эртеси дагы эл чогулуп ырчылар айтыша баштады. Эмне Кашкардан келген бир ырчы менен Осмон куу кулак айтыша баштады дейт. Осмон Куу-Кулак ырдап бүткөндө,-Кашкардан келген ырчы кыйын экен,- дейт, андып тургандай баштап калды дейт.

Сары-Кол кенен жер экен,
Шамалы салкын жел экен.
Кудайберген бай ажы,
Алты миң топоз жайнаган.
Бул байга кимин тең экен.
Ыран -Көл кенен жер экен,
Ыраактан келсен төр экен.
Салт санатын сактаган,
Сары-Колчу улуу эл экен.

Деп коштоп мактай ырдап кеткен экен.

## Улакчылар:

Бул чоң той Ыран-Көл айылына караштуу Чокотой деген жерде болгон экен.

Жапаркул менен Апийданын тоюнда чоң улак башталып аябай көп патта (байге) берилип, шаа улак башталганда ар жерден келген чабандестер аттарын тыныктырып даяр турган кезде, шаа улак деп жар салганда, баары кирип ортого таштап берген улакка баары чүмөшүп, биринен бири алып эртен менен башталган улак тээ түш ооп калганга чейин мелжеген жерге жетбей жатты дейт. Ошондо Алай тараптан келген чоң аты бар карылуу, күчтүү бир чабандес аты да аябай күчтүү болгон экен, атына ишенип улакты атынын жалына салып көпкө чейин суурулуп чыга албай атын сүрдүрүп кырдын жарым ченине жетип калганда, атты карай буруп тик чыңкылдый коё берди





дейт. Жанындагы улак талашып жаткандардын аттары энкейишке чуркап түшө албай томолонуп баары калып кетип. Алайдан келген чабандес маарага улакты жеткирип жеңишке ээ болгон экен. Аттын аты чыңкылдый гана жүгүрө алат экен. Ошол чабандес атынын күчү өзүнүн атка бекемдигинен аттын сырын билгендиктен гана, улакты атынын жалына салып кырдын жарымына атайлап чыгарып анан тике карай, чыңкылдый салып шаа-улактын паттасин (байгесин) алган дешет.

Негизи Сары-Кол жеринде той аштарда аламан байге, улак тартыш, ашык, ордо, жамбы атуу, тоотмек салуу, аркан-тартуу, жилик талашмай, далы катмай, куржун чечмей, күрөш, кол-күрөш, бука-тартыш, саат-энмей, кыз-куумай, эр оодарыш, жорго жарыш, тай жарыш, өгүз жарыш, ат жарыш, жоолук таштамай, көз-танмай, төө жарыш, жөө дарыш, ооган тебиш, төө чечмей деген кыргыз оюндары ойнолуп келген экен. Жапаркул менен Апийданин тоюнда жогорудагы аты аталган оюндардын бардыгы ойнотулган экен.

Ошол тойдо чоң ашык (ордо оюну) болгон экен. Ашык атуу деген сөз (ордо оюну). Сары-Кол жеринде ашык атуу эки түрү ойнолуп келген томпой менен атуу, анан мүйүз бабалак менен атуу. Бул оюндар бир-биринен айырмачылыктары өзгөчөлүктөрү бар болгон. Айта кетсек томпой менен атылган ордодо адам башына бештен ашык салынып, үчтөн атылып эки тарап ондон адам болсо элүүдөн жүз ашык ордого салынып атылган. Ордо чачылып ашыктар ордонун көзүнө жакыныраак чачылып калып кадамак кадаган адам ичкеге түшүп, томпою ашыктардын арасына токтоп калып ичкеге кире алчудай калган учур болсо тизе какты деген эреже менен кирип черткен экен. Тизе какты деген эреже казык бут жылбай ашыктардын арасына кирбей, тизелеп энкейип кериле олтуруп ашыктын арасына бутун коюп томпоюн алып черткен экен. Дагы бир эреже эгер томпой ашыкты басып түшүп ашыктын үстүнө туруп калса, ичке аталып ошол томпойдун алдындагы ашыкты

кошо алып ашыкты саласына кысып алып черткен экен. Томпой ашыктардан алыс түшүп ичкеге жетпей калса салаасындагы ашыкты өкчөп ошол ашыкты чертип дагы жамап черткен экен. Андай чертишти күчтүү аткычыл гана чертип ата алчу экен. Жапаркулдун тоюнда суу-суулардан келген сары таман (сары таман деген сөз Сарыкол элинин сөзү ашыкты жакшы аткан мыкты аткычыл адамды ошентип аташкан) аткычылар ашык салып ойногондо баш байгени Аличор өрөөнүнүн ашыкчылары алган экен. Ошондон кыскача баяндасак. Ашыкты кыйын черткен Аличордон келген Мусабай чөкүр деген адам болгон экен. Бул киши кече жакында ааламдан өткөн Асамидин бакшы деген улуу адамдын чоң атасы же атасы болгон. Ошол Мусабай сары таман ашыкты кадаганда (черткенде) томпою ичкеге түшүп калган учурда, сексенге жакын ашыкты биринен бирине жамап чертип утуп чыгып кеткен экен.

Жапаркулдун тоюнун үчүнчү күнү төө чечмей оюну башталды дейт. Төө чечмей оюн төмөнкүдөй болгон экен. Бир аз чукур казылып ал чукурга казык кагылып ал казыкка жасалгаланган алтын менен жабдылган төөнү байлап кагылган казыктын башына тилла (алтын) түйүлгөн түйүнчөктү байлап, төөнүн буйласына төрт кабат шуру мончок байлаган. Шуру мончок да өтө кымбат болгон экен. Ошону чечтирген экен ошол кездерде төө чечтиге жесир тул аял гана чыккан экен. Аял энеден туума чечинип чыккан экен. Негизи ал жерге чыккан аялдын чачы узун болсо гана чыга алган экен. Чачын жайып арты алдына жаап чыкканда чачтары бутунун учуна чейин түшүп турган аял гана чыккан экен. Ошол тойдо ортого чуңкур казылып жогорудагы айтылгандай жасалгаланган төөнү алып келип тилла казыкка кошуп байлаганда эл арасынан бир тул аял санына чаап ыр салып ортого чыккан экен. Бирок ошол аялдын чачы өтө узун болгондуктан дене мүчөлөрү элге көрүнбөй, чачы тосуп турган экен.

Дүйнөнү дүңгүрөткөн,





Байлар чыккан шул жактан.
Элин коргоп бийлеген,
Бектер чыккан шул жактан.
Акыйкатта чынында
Баардыгы чыгат шул жактан-- деп ырдаганда аттуу баштуу бай, миң-башылар төөнү чечкенге жеткирбей болду, болду дешип паттасин бердирген экен. Паттаси (байге) ошол жасалгаланган төө казыкка байланган тилла (алтын) болгон экен. Төө чечкенге чыккан аялдын чачы ушунчалык узун болгондуктан, баардык дене мүчөсүн чачы жаап турган экен.

Жогорудагы айтылган баяндар Ысмайыл ажы чоң атасынан уккандары, ал киши Ысмайыл ажынын чоң атасы Гайыпназаров Ысак 1883-жылы Ыраң-Көлдө туулган экен (уруусу кыпчак). 1895-96-жылдары Көөнө-Коргонго келип 1920-жылдарга чейин Жапаркул миң-башы менен санаалаш болуп жашап өткөн. 1898-жылдардан баштап Көөнө-Коргондогу ак паашанын адамдарына орус офицерлерине кызмат кылып ошол жердеги посттон чек арадагы постторго кат кабар жеткирип почточу болуп иштеген экен. Ысак өтө тетик, колунан баардык иш келген, бычакка сап боло турган жигит болгон экен. Атка араба чиркеп алып ал жагы Ыраң-Көл тарапка бул жагы Аличор жана Бадахшан тарапка чейин кат жеткирип турган экен.

Сарыкол жеринде өлөң айтуу деген да болгон. Өлөң айтуу салты кызды узатууда айтылган. Ошондон бир аз үзүндү жазып кетүүнү туура көрдүк.

Кызды көшөгөгө олтургузуп өлөң айтуу салты айткан кезде жаш балдарга таттуу таркатып өлөң айтылган салт болгон. Бул салт дагы Жапаркулдун тоюнда болгон экен.

Мен бир өлөң айтайын ээ мындай кылып,
Тегирменден чыгарган ундай кылып.
Ыйлаба кыз ыйлаба той сеники,
Кош арыктан аттаган кой сеники.
Жибек менен чырмалган чий сеники,

Ак кийизге оролгон үй сеники.
Ай чырайын толукшуп толуп турган убагын,
Ата салтын улантып турмуш жолун улагын.
Ыйлаба кыз ыйлаба он жетиде курагын,
Алганын менен жуп болуп турмуш курар убагың.
Ыйлаба кыз ыйлаба алтын бешик ыргагын,
Таалайлуу болуп турмушта алганын менен жыргагын.
Ыйлаба кыз ыйлаба ачык болсун көңүлүң,
Бактап шактап жашоодо узун болсун өмүрүң.
Ыйлаба кыз ыйлаба турмуш жолу катаал,

Кыя баспай түз басып карылардан бата ал, –деп өлөңчү өлөн айткан экен.

Сары-Кол жеринде илгери тоотмек деген да болгон. Бул тойдо жаштар чогулуп ырдашып шан-шөкөт курган. Ошол тоотмекте кээ бир кыздар тоотмек аркылуу көңүлүнө жаккан мырзаларга сезимин билдирген экен.

# ТАРЫХЫЙ МААЛЫМАТ

Сары-Кол өрөөнүнөн чыккан чыгаан инсан, Жапаркул миң -башы боюнча маалыматтарды издеп жүрүп биз төмөндөгү бир канча кызыктуу маалыматтарды кезиктирдик, албетте тарых деген тарых, "Тарыхта тактык жок" деген сөз бар анын сыңарындай биз ушул тарыхый инсандын аты-жөнү жана ал киши жашап жүргөн жерлердеги, ошол мезгилдеги айрым турмуштук шарт жагдайлар, жазылып калган тарыхый илимий архивдик материалдардын айрымдарын, окурмандардын назарына сунуш кылабыз !!!

Некрасов Олег Владимирович .





## ИСТОРИЧЕСКИЙ ОПЫТ ПАМИРСКОГО ОТРЯДА ПО ОХРАНЕ ГРАНИЦЫ РОССИЙСКИЙ ИМПЕРИИ В КОНЦЕ XIX-НАЧАЛЕ XX ВВ

ДИССЕРТАЦИЯ

На соискание ученой степени кандидата исторический наук.

Научной руководитель:
Д.И.Н. Профессор Блохин Владимир Владимирович.

МОСКВА-2017.

(98,.стр) 15-ноября 1905-г начальник Памирского отряда писал в рапорте военному губернатору Ферганский области о том, что он уволил по прошению Мургапского волостного управителя Худайберды Тохтоматова и назначил на его место Джабаркула Худаярова (310). Это было похоже на кадровую "чистку" видимо, вызванную тем, что до высокогорных долин Памира донеслись отзвуки начавшейся в России революции 1905-года.

(93стр,.) Памирская волость делилась на 4-аминства,-Мургапское,-Рангкульское,-Аличурские и Акташское. Памирские амины имелы печаты с надписями аулный старшина.

(153-154 стр,) Газета "Туркестанские ведмости" писала в начале июля 1894-г, о том, что на Памире" торговля с киргизами исключительно меновая" (495). Ошские "сарты" узбеки открыли базарчик на Памирском посту (496). Предложение Вревского относительно открытия базаров было восприятно, как и подобает, в качестве, приказа и уже осенью 1895-г газета "Туркестанские ведмости" сообщала о том, что 21-октября 1895-г. на Памирском посту открыли базар. Она указывала, что раньше заезжие купцы бессовестно эксплуатировали памирских кыргызов(,.497).

Тепер торговля проходила под контролем чинов Памирского отряда. Газета отмечала, что к открытию базара прибыли 50 лошадей из Оша, 20-из Кашгара, 15-из Каратегина.

Через несколко дней "Туркестанские ведмости" сообщали о том, что базары на Памире, на Мургабском посту активно функционирует,: ("киргизи стекаются сюда для разных закупок (498).

(100стр,.) Начальник Памирского отряда, подполковник Бадрицкий писал о том, что Памирский волостной управитель получал 41руб,66 коп в месяц, а амины -20руб,83 коп, в месяц .(319). Долгое время жалованье получали только три памирских амина.

Аличурский амин содержался за счет местного населения. Однако начальство Памирского отряда добивалось, чтобы выплаты делались и эму.

(144-145.,стр) О задачах такой деятельности писал начальник Памирского отряда, капитан Снесарев "Все о чем можно было задаваться по отношению к кара-киргизам- это внушать им делать запасы на зиму мукой, косить сено, хотя бы таком количестве, чтобы подержать скот в тяжелые дни буранов и прокормит ягнят и кутасов первые время, теплое держать свои юрты, облегливая их, по возможности, дерном, новозом, или, что скорее, окутывая в несколько рядов кошмами" (465). Снесарев отмечал, что" для обучения косьбе выписывали серпы и косы на маленькие посты и некоторые из пытливых и передовых киргизов, например Жапаркул Худаяров из Ак-Ташского аминства начали запасаться на зиму травой, но, к сожалению, место, где можно было бы косить и жать траву на Памире немного,-это Мадиян, где на болотах есть пордочное количество осоки полоса на Ак-Ташском аминстве близ поста Кызыл-Рабатского где растет трава, которую можно захватит косой и серпом. В обшем же Памирская растителность очень редка и низка- на серп и косу в болшинство случаев не пойдет, хотя, в прочем, 10-15 пудов





сена для ягнят каждый киргиз мог бы набрат" (466). Этот пример подействовал на других кыргызов, поскольку нельзя было не заметить, что у тех, у кого зимой было сено, понесли наименьшие потери от падежа скота.

(Бул тарыхый материалдар архивдик булактардан алынып, өзгөртүүсүз берилди).

**Тарыхый маалымат**
**(Русский взгляд на Памир)**

Не первый начальник Памира – начальник Памирского поста (кишлак Куна Курган, а не Мургаб). Произвел первые посадки овощей и фруктов на Сарыколе, организовал там первый базар, пытаться построить мечеть. Был очень уважаем киргизами – уходя в отставку они подарили ему золотую грамоту.

*Николай Захарчев.*
*Архивдик материал*

# Ислам Ахунбаевдин баяндамасы Жапаркул миң башы :

Жапаркул миң-башы болжолдуу түрдө 1873-77-жылдары Чеш-Дөбө өрөөнүндө жарык дүйнөгө келген. Ичкилик кыргыздардын Сары-Тейит уруусунун Кочкор тобунан чыккан. Кочкор уруусунун өкүлдөрү илгертеден бери Ак-Суу, Шаймак, Чеш--Төбө өрөөндөрүндө жашаган экен. Кочкор уруусу илгертеден бери эле, Сары-Кол жергесинде тектүү, эл-журтка кадыр-барктуу уруулардын бири болуп келгени белгилүү. (Тейиттер тээ илгерки өткөн кылымдарда Чоң-Алай тараптан оо келишкен экен) Сары тейиттер Сатыбалды деген адамдан таркаган. Сатыбалдыдан үч уул: Кутан, Мама, Айдар. Айдардан Кочкор. Кочкордон үч уул: Аблечбай, Обалбек

(Умарбек), Мочук. Умарбектен Атамбек, Таттыбек. Атамбектен Касымбек. Касымбектен Кудаяр, молдо Курбан. Кудаярдан Умаркул менен Жапаркул. Жапаркул үч аял алган экен, экинчи аялынан Рахманкул деген уулу менен Мария деген кыздуу болгон экен. Үчүнчү аялынан Субанкул аттуу перзенттери болгон экен. Учурда Жапаркулдун урпактары Туркия өлкөсүнүн Ван аймагында жана Кыргызстандын Бишкек шаарында жашашат. Азыркы кезде Жапаркулдан таркагандарды Кочкордун Чөжө тобу деп да аташат. Кудаяр мал жандыгы менен Тамчы-Жарга отурукташып, жайында Муздуу-Булак деген жерде жайлап кышында Тамчы-Жарга кыштаган экен. Биринчи аялынан Мааткабыл деген уулу. Жапаркулдун экинчи аялы Апийдадан Рахманкул деген уулу менен Мария аттуу кыздуу болот. Үчүнчү аялынан Субанкул, Пазыл, Зуура деген перзентери болгон экен.

***Экинчи вариянт: Жапаркулдун миң башы болушу:***

Жапаркул бойго жетип үйлөнүп бир уулдуу болот. Атын Мааткул коёт. Мал жандыгын, тууган уругун алып малга ыңгайлуу экен, чабырга чыгайын деп Ак-Суу тарапка көчүп барган экен. Бир тууган агасы Умаркул атактуу Элчибай байдын малын карашып Чеш-Төбөдө калган экен. Ошол кездерде Элчибай бай Ион пашага бир канча алтын берип амеки иниси Кудайберди тапачти миң-башы кылган экен. Арадан көп өтбөй Кудайберген тапач амалынан пайдаланып элге катуу мамиле кылып эл Элчибай бийге кайрылышканда, Элчибай бий инисин эрчитип келип Ион паашага келип адаттагыдай бир калта алтын алдына коюп бул иним иштей албады бул амалдан бул адамды бошот мага үч ай мөөнөт бер миң-башылыкка башка адам алып келейин деп макулдашып чыгат. Өзүнүн коюн карашып жайыттарын жакшы тандап жүргөн Умаркулду ниетине алып жүрөт. Үч ай өтүп калган кезде Умаркулду чакырып алып коюн канча болду деп санатат санатса көп болуп калган болот. Эми коюн бөлүп ал мени сени миң-башылыкка сунуштайын дегенде, Умаркул бул ишке мени





сунуштабаң, мен жөн гана кой багып жүрөйүн, эгер туура көрсөңүз менин бир тууган иним Жапаркулду бир байкап көрүң, ал мага караганда сергек жана тың деп айтат. Ошондо Элчибай бай Ат чаптырып Ак-Суудан Жапаркулду алдырат. Баамдап көрсө акылдуу, зээндүү тайманбас чыйрак көрүнөт. Жапаркулду эрчитип алып Ион паашага келип адаттагыдай бир калта алтынды алдына коюп ушул адамды миң-башылыка алып келдим дейт. Ион пааша карап Жапаркулдун чечкиндүү адам экенине көзү жетип миң-башылыкка дайындайт. Жапаркул мин-баш болуп бир канча убакыт өткөндө Элчибай бай Жапаркулга сен баламдай болуп калдың миң-башы болдуң дагы бир аял алып берейин, эми сени үйлөйүн, кимдин кызын алып берейин,- деп кеп салат. Ошондо Жапаркул бай мага Ыраң-Көлдүн байы Кудайберген байдын кызын алып бериңиз деп айтат. Элчибай бай Ыраң-Көлгө Кудайберген ажыга жуучулукка келет. Кудайберген бай Элчибай байды тосуп алып үйүнө киргизип кандай иш менен келип калдың бай деп сурайт. Элчибай бай "сенин Апийда кызына жуучу болуп келдим" десе Кудайберди бай "кайсы уулуңа" деп кайра суроо салат. Элчибай бай "уулума эмес, аяш уулум Жапаркулга" дегенде "ээ, бай өзүң тектүү мартабалуу адам болуп өз уулуңа эмес, эшигинде жүргөн адамыңа жуучу болдуп келдинби, бай андай болсо мен кыз бералбайм" -дейт. Ошол сөз катуу тийип Элчибай бай артына кайтып туура Ийон паашага келип адаттагыдай бир калта алтынын берип Ыраң-Көлгө барып келгенин болгон иштин баарын айтып сен ортого туруп алып бер деп Ийон паашаны көндүрөт. Сергек Ийон пааша макул болуп Жапаркулду эрчитип төрт беш солдатын алып Кудайберген бай ажынын үйүнө барат. Үн катпай үч төрт күн жатат. Эмнеге келди болду экен бул орустун төрөсү деп Кудайберген бай паашам эмне жумуш менен келдиңиз эле айтсаңыз десе сен макул десен айтам болбосо жата берем деп айтат. Кудайбеген бай ажы ары ойлонуп бери ойлонуп бул эмне сурайт экен деп танданат. Жанында жүргөн Жапаркулду

бул миң-башы орус пааша менен бирге келиптир,- деп эрөөн албайт. Акыры сураганыңыз адамдын жаны болсо да айтыңыз кыжыл кылбай дейт. Ийон пааша өзүн жалгыз турганда айтпай аксакалдарын тууган уругун чакыр, ошондо айтам дейт. Айласы кетип бай ажы туугандарын аксакалдарды чакырып чогулуп олтурганда Ийон пааша Жапаркул миң-башыга кызын берүүсүн элинин көзүнчө айтат. Мурда "адамдын жаны болсо да айт" деген сөзүн эстеп "убадам кетти эле, макул" деп айтат. Кыргыздын тилин, салтын жакшы билген Ийон тура калып кулдук урат. Бай бир аз ойлонуп орустун баласы болсо да актык сепкиле деп погонуна актык (урпак) септирет. Ийон пааша кайра келип Элчибай байга кабар жеткиртип той башталат. Той бүтүп Жапаркул Апиийданы алып кайтаарда Элчибай бай Кудайберди бай ажынын алдына келип бай ажы "Алланын тагдыры деп да" коюптур. Жапаркул миң-башы көп убакыт ошол чөлкөмдө миң-башылык кылат. Экинчи аялы Апийдадан Рахманкул деген уулдуу, Мария деген кыздуу болгон. 1897-жылы Памир отряды Бадахшандын Хорог шаарына көчүрүлүп бир бөлүгү Мургабта калат. Мургабта калган отряддын командири полковник В.Ягелло 3-май 1915-жылкы архивтик докментте өз жарлыгында "Волост башкаруучу Джапаркул Худаяров бошотулуп, ордуна Худайберди Илчиев дайындалсын" деп жазат. Ошол Худайберди Илчиев Турду бийдин иниси Кудайберди бий Элчибек уулу болгон, ал адам Кыдыршаа уруусунан болгон. Жапаркул миң-башы миң-башылыкты тапшырып азыркы Көөнө-Коргон айылынын өйүз жагындагы жарлардын жанындагы үнкүрлөргө чөп киргизип жылкыларын ошол жерде кармап турган экен. Ал үңкүр азырка чейин Жапаркулдун үңкүрү деп аталат. Октябрь революциясы женгенден кийин деле, Сары-Колдо Никалайдын адамдары бийлеп турган экен. Күндөрдүн биринде Жапаркулга орус адамдары тарабынан мамилелери өзгөрө баштаганын байкап Жапаркул абал оорлоп курчуп калбасын деп жер которуп





кетүүгө тымызын даярданат. Бир күн түнүндө элин камдантып малын айдатып Ак-Суу тарапка барып Гүнжүбайга конот. Ошол кезде жылкыларын айдап келүүгө саналаштарынан бир адам табылбай жылкылары Көөнө-Коргондун шиберинде калат. Жапаркул элин жайланыштырып алгандан кийин жылкыларын эстеп Аллаху Таалам айгыр үйүрүн айдап артыбыздан келип калаар деп айтат. Арадан төрт беш күн өтпөй айгыр жылкыларын айдап барган экен. Гүнжүбайда аз турабы, көп турабы күндөрдүн биринде үч орус барып тапанча такап Жапаркул менен баласы Рахманкулга же атам, же ушул ууну ичесиң,- дегенде Жапаркул баласына ичкен болуп оозуна жыя көр башка арга жок,- деп айтат. Орустар берген ууну ичкен болуп ооздоруна кармап турушат, орустар чыгып кетиши менен капшырга түкүрүп илинип турган сүзмөнү жарып жиберишип сары суусун ичип ооздорун чайкашат. Ошондуктан ак кечет деген туура болуп уунун заарын ак кечип, ооздору ооруп, тиштери түшүп, кыйлада сакайып аман калышат. Бул жерде да болгудай эмес деп Жапаркул кытай тарапка өтүп кетет. Ал жакта кытай аскерлери менен жакыныраак жерге отурукташып жашап калат. Ошондо жашап жүргөн кезинде Жапаркулдун күйөө баласы Тогузаков Камал кайнагасына көк көз адамдар жүргөнүн айтып келет. Жапаркул мында да кооптуу болуп калды деп бир кичине той өткөргөн адам болуп кытайдын аскерлерин да чакырат. Тойго келген кытай аскерлерин баарын өлтүрүп курал жарактарын алып Ооганга көчө качып Бозой-Күмбөз деген жерге жайланышат. Ошентип Жапаркул миң-башы Ооган жерин жердеп жашап калган. Кийинчээрек агасы Умаркул менен ажылык сапарга барып келет. Агасы Умаркул ажылык сапардан келбей калган деп айтып журүшөт.

*Эл оозунан чогултулган маалыматтар. Ахунбаев Ислам. Кызыл-Кыя шаары. 46 жашта.*

# Курбаналиев Абубакир Кара-Балта 80-жашта Жапаркул миң башы боюнча айткандары :

Жапаркул Кудаяр уулу тейит (Сары-тейит) уруусунун, кочкор тобунан болгон.

Жапаркул тууган-уругу менен Мургаптын төр жагындагы Муздуу-Булак, Тамчы-Жар деген жерлерде жашап турган экен, андан кийин Ак-Суу, Шаймак, Чеш-Дөбө, Гүнжубай тараптарда малын жайгаштырып жашап жүргөн экен.

Жапаркулдун түпкү ата теги Сары-Тейиттин кочкор уруусунун өкүлдөрү болушкан экен. Жапаркул миң-башынын үч аялы болгон, биринчи аялынан Мамбеткабыл деген уулу, ал эми экинчи аялы (Экинчи аялы Сары-Кол өрөөнүндөгү атактуу бай Кудайберген байдын кызы Апийданан) Мария аттуу кыздуу жана Рахманкул аттуу уулдуу болгон.

Жапаркул Кудайберген байдын кызы Апийдани алмакчы болуп журт башкарган билермандарды жуучулукка жиберген экен, бирок Кудайберген макул болбой барган жуучуларды кайтарган экен. Экинчи жолу Орустун ак-падышанын офицери Ионов жуучулукка барып, Кудайберген байды көндүргөн экен.

Жапаркул миң-башынын кайнатасы Кудайберген бай өтө малдуу бай адам болуп, ак-падышанын аскерлерине эт, мал, алтын, күмүш, берип демөөрчүлүк кылып турган экен.

Кудайберген бай ажы өмүрүнүн акыркы жылдары ажылык сапарга аттанып ажысы кабыл болуп ошол жакта каза болгон экен.

Ал эми үчүнчү аялынан Субанкул, Пазыл, Зуура деген перзенттери болгон экен.





Жапаркул миң-башы бир жылда эки-үч жолу кербендерди ээрчитип Кытайга, Ооганстанга, Бадахшанга барып келип турган экен. Бир жолкусунда Кытайга соода сатыкка кербен баштап барып кайра келе жатканда (1913-жылы) уулу Рахманкул төрөлүп, чабармандар Жапаркулга утурлай барып мин-башым уулдуу болдуңуз деп сүйүнчүлөгөн экен.

Кубанычы койнуна батпаган Жапаркул миң-башы чабармандарга токулуу ат, алтын күмүш, сүйүнчү берген экен.

Жапаркул миң-башы Мургап өрөөнүндө топоз, жылкы, төөлөрдү сойдуртуп, уулуна арнап чоң жентек той берип кулагына азан чакырып атын Рахманкул атап, жалпы журттан бата алган экен.

Арадан бир канча доорлор өтүп, ак-падышанын бийлиги кулап, кызылдар бийликке келгенден кийин, Мургап тарапка кызылдар келе жатыптыр деген сөздөр тарайт, кызылдар келсе баары бир бизди жок кылат, мал-мүлкүбүздү тартып алат деп чочулашып, Ооган Памирине карай ооп кетишкен экен.

Ал жакта Мүлк-Али деген жерге жайгашып жашоо кечирген экен.

1942-жылы кызылдардын аскерлери артынан акмалап андып жүрүшүп Памирде Жапаркул жана Рахманкул ханга уу ичиришкен экен.

Ошол уудан катуу жапа чеккен Жапаркул мин-башы ажыга барып келгенине он бир жыл толгондо каза болгон экен.

Рахманкул Жапаркул уулунун ата-бабалары тээ илгертеден эле тектүү адамдардын укум-тукумдары болушкан экен.

Рахманкул хандын ата-бабалары :

Авалбек, Атамбек, Касымбек, Кудаяр, Жапаркул .

*Курбаналиев Абубакир.*
*80 жашта. Кара-Балта шаары.*

# Кудайбердиев Тешебайдын баяндамасы :

Биздин чоң атабыз Кудайберди (тапач) миң-башы деген (дүрбөөл уруусунан ) болгон экен.

Бул киши Кудайберген бай аттуу кишинин кызын алган, ал эми Жапаркул миң-башы да ошол Кудайберген байдын Апийда аттуу кызын алган экен.

Ошого байланыштуу биздин атабыз Кудайберди миң-башы (тапач) менен Жапаркул мин-башы бажа болушкан.

Рахманкул хан биздин болобуз болот баарыбыздын энелерибиз, Илгери Ыран-Көл тарапта жашап өткөн айтылуу Кудайберген байдын кыздары болгон.

Биздин чоң аталарыбыз дүрбөөл уруусунан чыккан, журт башылары Элчибай бий, Кудайберди миң-башы жана башкалар баардыгы Жапаркул миң-башы менен замандаш болуп, ынтымакта достукта ар дайым жакын тууган урук болуп катташып келишкен экен.

Улуу кишилердин айтуусуна караганда Жапаркул миң-башы улуу кичүүгө бирдей караган тегиз калыс инсан болгон экен.

Жапаркул миң-башы жөнүндө илгери аталарбыз көп жакшы эскерүүлөрдү айтаар эле, андан бери канча жылдар өттү, ал аксакалдар баары өтүп кетишти. Азыр мен ойлоп кээде өкүнөм, ошол аксакалдардын айтканын көчүрүп жазып сактап калган эмес экенбиз, аттиң.

Азыр жылдар өтүп мен да мурдагы аксакалдар айткан сөздөрүнүн көпчүлүгүнүн унутуп калдым.

Эх, аттиң, биздин Сары-Кол жергебизде кандай гана улуу инсандар өткөн, биз ошол өткөн улуу инсандарды ар дайым эстеп, унутпай ошол кишилердин арбактарына багыштап куран окуп жүрүшүбүз керек.

*Кудайбердиев Тешебай Бишкек шаарында жашайт.*
*Алтымыш жаш курагында.*







II. Группа чиновъ Памирскаго [illegible]



II. Барбетъ и часть [illegible]



[illegible]











































































# Ийон Пааша

Жергиликтүү Сары-Кол кыргыздары өткөн доорлордо Ийон пааша деп Ак -падышанын аскер офицери Полковник Михаил Ефремович Ионовту атаган, ошол мезгилде жергиликтүү эл, Ионов дегенди (айтууга татаалыраак болгондуктан) Ийон пааша деп атап, Ак-падышанын улугу (Никалайдын улугу) деп өтө урматташкан. Ошол доордогу Сары-Кол элиндеги бийлер бектер Ийон паашаны өзгөчө сыйлап, урматтаашар эле. Ийон паашанын айткан сөзүн эч кимиси эки кылчу эмес экен. Ийон Пааша жергиликтүү эл менен тыгыз байланышып достук мамиледе болгон.

Эл ичинде Ийон паашанын кадыр-баркы өтө бийик эле. Ийон пааша Сары-Кол өрөөнүндөгү Ак-Байтал жана Ак-Суу сууларынын кошулган жериндеги эң алгачкы "Памир постун" түптөөчүлөрдүн бири болгон. Белгилей кетсек алгачкы Памир посту жогоруда аталган жердеги коктудан өйдө чыккандагы түзөңүрөөк жерде курулган экен. Бул Ак-Байтал жана Ак-Суу суусунун кошулган жери илгертеден Көөнө-Коргон деп аталып келген. Себеби бул жерде, кербен сарай болгон ал кербен сарайдын жанында кербендер ат-төөлөрүн байлоочу чоң коргон, кербендер үчүн тамактануучу жай жана жатакана болгон экен.

Орустар алгач ирет ушул жерге келип алгачкы ирет "Памир" постун курушкан жана ал постко Көөнө-Коргон жеринде жашап өткөн Шажан олуянын атын ыйгарган. (Мургап районунан сегиз километр аралыктагы күн чыгыш тарабындагы азыркы Көөнө-Коргон айылы.) Ошентип орус-аскер тарыхында "Шажанский пост" деген термин пайда болгон. Шажан олуянын көрүстөнү да ошол Көөнө-Коргон айылында жайгашкан.

Алгачкы Шаджан аскердик постундагы Ак-Падышанын аскерлери офицерлери жергиликтүү калк менен мамиле түзүшүп, жергиликтүү элдерге медициналык, социалдык,

билим берүү тармагында бир топ иштерди жасаган. Сары-Кол өрөөнүндөгү Шаджан постунун офицери Ийон пааша жергиликтүү кыргыздардын бий-бек, миң-башылары менен биргеликте алгачкы Шаджан Посту жайгашкан Көөнө-Коргон айылында алгачкы соода жарманкесин уюштурган.

Бул чоң соода жарманкесине суу-суудан, жер-жерден адамдар келип чоң жарманке болуп өткөн экен. Ийон пааша жергиликтүү кыргыздардын аш-тоюна, ат-чабыш, ордо жана башка оюн тамаша маарекелерине барып катышып кадырлуу конок болуп турган. Ийон пааша жергиликтүү элдин үрп-адат каада-салтына, улуттук оюндарына өтө кызыгаар эле. Ийон пааша айрыкча ат оюндарын өтө жакшы көрүп, жылкы баласын өзгөчө баалайт эле. Ийон пааша жергиликтүү элдин турмуш-тиричилигине, кол-өнөрчүлүгүнө, улуттук тамак аштарына, өзгөчө кызыга өзүнүн зор баасын берген экен. Ийон пааша жергиликтүү байлардын үйүнө барганда алар жасаган эт жана сүт тамактарын өзгөчө сүйүп жечү экен. Ийон пааша жергиликтүү кыргыздар менен маарекелерде аш тойлордо бирге болууну өзгөчө каалачу экен.

Ийон пааша өзүнүн кыраакылыгы, бийик адамгерчилиги, терең акылмандыгы жана маданияттуулугу менен жергиликтүү элге жаккан жана Ийон пааша деген ардактуу сыйлуу атка конгон.

Сары-Кол жергесиндеги бийлер, бектер, миң-башылар, мамлекеттик эле эмес, чарбалык же үй-бүлөлүк иштер болсо да Ийон паашадан кеңеш сурап, ал кишинин акылын угушкан экен. Мисалы бир бай, бий, мин-башы сыяктуулар аш-той берсе, уул үйлөй турган болсо, же кыз бере турган болсо сөзсүз Ийон паашага кайрылып кеңеш алып турган. Улуту башка болгону менен калкка кадырлуу Ийон пааша элге журт атасы сыяктуу эле.

Ийон пааша атты өзгөчө жакшы көрчү, ал атты жакшы карабай арык кылып, жоор кылып, же ээр токубай минип жүргөндөрдү көрсө чакырып алып "Ат бул адамдын досу" атка





мындай мамилең болбойт деп эскертүү берип зекип урушчу экен. Ал киши аскерий адамдардан аттарды өз убагында суу чөп берип жакшы карап, атты кадырлоону аябай катуу талап кылган экен.

Эл ичинде Ийон пааша боюнча аңыз сөздөр бүгүнкү күнгө чейин айтылып жүрөт, Ийон паша баланча маарекеде түкүнчө тойдо катышкан экен деп. Биздин аталарыбыз да Ийон пааша боюнча көп кызыктуу окуяларды айтып өткөн экен. Ошентип Полковник Ионов Сары-Кол өрөөнүндөгү өткөн доорлордун тарыхында Ийон Пааша болуп түбөлүккө жазылып калган.

Ийон пааша кийин Россияда генерал аскер чиндик даражасына чейин жеткен.



Ак падышанын аскер өкүлү Ионов

# Жапаркул миң-башынын доорунда үзөңгүлөш болуп чогуу жүргөн замандашы Гайыпназаров Ысак (чоң Ысак) жөнүндө эки ооз сөз

Чоң Ысак деген киши өткөн доордо Жапаркул миң-башы менен чогуу жүрүп, далай күндөрдү чогуу көрүп, далай сапарды бирге басып өткөн адам болгон. Ысак деген киши бою өтө чоң кең-далылуу адам болгондуктан, элдер Чоң- Ысак деп аташкан. Бул киши өтө эпчил, күчтүү, кайраттуу, эр-жүрөк, эч-нерседен кайтпаган адам болгон. Ак-Падышанын Сары-Колдогу аскерий өкүлдөрү, "болшой Ысак" деп атап ал кишини жакшы таанып биле турган. Ысак Жапаркул миң-башы менен ар-дайым алыскы сапарларда чогуу болгон. Бул киши өз өмүрүндө далай окуяларга туш болуп, далайды башынан өткөргөн. Өз башынан өткөргөн окуяларды, ар-дайым Көөнө-Коргон айылындагы кийинки урпактарга жомок сыяктуу айтып берген. Чоң Ысак түпкү теги Малахандын тукуму болгон экен. Уруусу кыпчак болгон, ата-бабалары Эр-Көбөш, Жангирхан, Туруке, Асанхан деген улуу инсандар болгон. Асанхан илгери Кытайда эл башкарып турган деп да эл ичинде айтылган сөздөр бар. Көөнө-Коргон айылында жашаган Ысмайыл ажы, ушул Ысак деген кишинин небереси болот, биз көп тарыхый маалыматтарды ушул Ысмайыл ажыдан биле алдык, себеби Ысмайыл ажы өтө куйма кулак, зээндүү болгондуктан, чоң атасы Ысактын айткан көп сөздөрүн, кызыктуу баяндарын угуп эсине бекем түйүп алган (учурда Ысмайыл ажы Ош шаарында турат).





Улуу элдин урпагы бул инсандардын айткан кеп-сөздөрү, бүгүнкү жаңы муунга табылгыс таберик деп ойлойм. Жапаркул мин-башы менен өткөн доордо чогуу жүргөн Чоң Ысак деген адам да, ошол доордо өзүнүн өзгөчө орду болгон десем жаңылышпайм. Чоң Ысактын балдары Тайир, Шамши, Камар, Чекир, кыздары Пашахан, Сонун, Гүлан.

# Аңызга айланып калган той, жана чертилип калган күү

Жапаркул миң-башы Кудайберген байдын кызына үйлөнүп чоң той болгондо, түрдүү оюн зооктор уюштурулуп ат- чабыш оюну да ойнолгон экен, ошол ат чабышта Кашкардан келген "Ташкөк" жана Сары-Колдон чыккан "Миң дилде" аттуу күлүктөр куушуп озуп келип, маарага жеткени калганда Сары-Колдон чыккан "Миң дилде" аттуу күлүк Кашкардан келген күлүк таш-көктөн аркан бою узап марага биринчи кирген экен. Эл ууду болуп күлүктөргө көзү түшүп, сынай карап көз арта туруп калган экен. Ошол ат жарыштагы Таш-Көк менен Миң дилденин чуркаганы комуз күүсүнө кирип, эл ичинде чоң күүгө айланып комузчулар аш-тойдордо "Миң дилде" күүсү деп элге тартуулап чертип беришкен экен.

Алгач “Миң-дилде” күүсүн Сары-Колдон чыккан комузчу Марбет эже деген черткен экен.

“Миң-дилде” күүсү уккан кулакка жагымдуу, күлүктөрдүн чуркаганын, бирде жай-бирде катуу таскактап маарага жакындаганда элдин күрү-гүү сүрөөнүнөн улам күчөй шукшурулуп чуркаганы элестетилип чертилет. Бул күүнү уккан адам кудум эле күлүктүн үстүндө шамал менен кошо жарыша, кээде таскактап катуу, кээде бир аз жайыраак чайпалып өзүнчө не бир керемет кыялда чайпалып бараткандай сезилет.

Бүгүнкү күнгө чейин Сары-Кол элинде "Миң-дилде" күүсү укумдан тукумга өтүп унутулбай чертилип келет.

# Жапаркул миң башынын мүнөзү

Жапаркул миң-башынын мүнөзү, талапты катуу коё билген, алыс-жакынды көрө алган (оптимист), ар ишке акылы жеткен, кандай адам болбосун мүнөзүнө карап мамиле түзө алган (дипломат) адам болгон деп айтылып жүрөт. Ал ар дайым адамдарды чындыкка чакырып, калыс жана чынчыл болууну көп айтчу экен. Эч убакта жалган сүйлөбөгүлө, бирөөнүн акысын жебегиле, ар дайым намаз окуп жүргүлө, күнөө иш кылуудан алыс болгула, эмгекчил жана намыстуу болгула деп чогулуштарда жалпы журтуна көп кайрылчу экен.

Жапаркул миң-башы үй-бүлөсүнө да талапты катуу коюп таалим-тарбия берген экен .

Уулу Рахманкул да айтканынан кайтпаган көк жал, чынчыл, калыс инсан болгон экен. Рахманкул хан эч качан атасы Жапаркулдун айтканын эки кылчу эмес экен. Атасынын керээзин унутпай эч качан беш убак намазын таштабай окуп, ар дайым калыстыгынан жазбаптыр.

Жапаркул миң-башы өз учурунда өз элине көп кайрылуу жасап, чынчыл, аракетчил жана намыстуу болууга үндөп эл алдында сүйлөгөндө, эли журту да кунт койуп угуп ал кишинин акыл- насаатын чын ыкластан кабыл кылып тыңшап угушчу экен.

Жапаркул миң-башы эли журтуна кеп-сөзү өтүмдүү, калкына кадырлуу болгон экен. Ал кишинин алдынан эч ким кыя өтпөй, Миң-башы деп баары ыйбаа кылып, ызаатташкан экен.

Жапаркул миң-башынын кулк мүнөзү, айткан сөздөрү калк ичинде макал сыяктуу айтылып тарбиялык маанидеги улуу чакырыктарга айланган экен. Жапаркул миң-башынын, кедей кембагалдарга колунда жок жакырларга жыл сайын зекет бергени айтылып келет. Жапаркул миң-башы калкына кайрымдуу, колу ачык, берешен, калыс жана чынчыл,





айтканынан кайтпаган көк жал, ар-намысын туу туткан көрүнүктүү инсан катары эл арасында ооздон-оозго түбөлүккө жашап калды.

Адамдын улуулугу анын ар-намысы жана бийик адамгерчилиги. Сары-Кол элине ата-бабалрынан калган баалуу жана улуу мурас !

# КОШ-ҮҢКҮР

Мургаптан сегиз чакырым күн чыгыш тараптагы Көөнө-Коргон айылы, ушул айылдын туш-мандайындан, Ак-Суу дарыясы агып өтөт. Дарыя жээктери тулаң шибер, бери жак, жар-түптөрүнөн булак суулары ийип, чоң кара-сууга айланып ушул дарыяга куят. Дөмөрлүү шиберлерде, кара-баш, нокотек, жана башка түркүн түстүү шибер чөптөрү өсөт. Дарыянын аркы өйүзүндө катар жарлар күн чыгыштан-күн батышка чейин созулат. Бул жер малга өтө жайлуу, бул жерлерди илгери, аркы-өйүзүн Кең-Булуң, Чоң-Булуң, Кош-Үңкүр, берки өйүзүн, Чий-Булуң, Көк-Жар, Чоң-Кокту деп түзүлүшүнө жараша ар-кайсы жерин өзүнчө аталыштар менен атаган экен. Бул жерде биринчиден суусу мол, экинчиден төмөндө суу бойунда саздак жерлерде тулаң шибер оту, какырда боз оту (талаа-чөбү) кеңири болгондуктан мал-жанга өтө ыңгайлуу болуп келген. Айрыкча жылкы чарбасына ыңгайлуу, шамалдан паана, от-чөбү мол. Дал ушул жерлерде Жапаркул миң-башы аттарын бактырган экен, дарыянын өйүзүндөгү, Кош-үңкүргө жем-чөбүн камдатып, минер-улоо жылкы тукумун ушул дал ушул жерде байырлатып турган экен. Бүгүнкү күнгө чейин ушул эки Кош-Үңкүрдү эл Жапаркулдун "атканасы", ат кармаган жери деп айтып келишет. Жапаркул миң-башы ушул эле жердеги дарыя жээгиндеги чөптөрдү чаптырып аттарга тоют даярдатып турган экен. Бүгүнкү күнгө чейин ошол Жапаркул миң башынын атканасы бар, Кош-Үңкүрлөр дале ошол бойдон

өткөн доорлордон калган эстелик сыяктуу көзгө бир башкача, не бир сырдуу, сүрдүү көрүнөт. (Ушул китепте Кош-Үңкүрдүн сүрөттөрүн да көрө аласыздар). Жар түбүндөгү Кош-Үңкүр, алдында таштан тизилген дубалдар урап жер менен жер болуп калган, бирок жакшылап баам салган адамга дубалдардын таш жана кыш урандылары жерге түшүп дүпүйүп-дүмүрөйүп жерге житип кетип жатканы сезилет. Бул жерлерде жер алдынан чыккан Кара-Суулар кыштын кыраан чилдесинде да тоңбойт. Бул жерде жергиликтүү жашоочулар жерден ийип сууну Кара-Суу ал эми Ак-Суу тараптан агып келген суусун Ак-Суу дарыясы деп аташат. Кыштын суук күндөрүндө дарыя толук тоңуп, ал эми Кара-Суу суусу такыр тоңбой буусу көккө учуп агып тура берет. Суук канчалык катуу болсо Кара-Суу суусу да жер астынан ийип чыкканы көбөйүп турат.

Жапаркул миң-башынын дал ушул жерди жылкы тукумун кармоого эң ыңгайлуу жерди билип туруп тандаганын ар бир тажрыйбалуу чарбакер адам толук түшүнө алат. Жапаркул миң-башынын чарбакерлиги, Сары-Кол өрөөнүнүн табигый шартын, өтө жакшы түшүнгөндүгүнө Ак-Падышанын аскер өкүлдөрү да чоң баа беришкен экен. Жапаркул миң-башы Сары-Кол өрөөнүндөгү кокту-колот, таш, жер-суу, баардык жерди билген жана кандай шартта кайсы малды кайсы жерде кармап аман алып кыштан чыгарууну билген адам болгон. Бул киши өзүнүн мол тажрыйбасы жана көрөгөч акылгөйлүгү менен, нечен карлуу жут-кыштардан мал-жанды аман сактап калган. Сары-Колдогу мал-жандыктардын санынын өсүп-өнүгүүсүнө өтө чоң салым кошо алган. Кышында дал ошол Кош-Үңкүрдө керектүү минер аттарды этинен түшүрбөй кармап, башка жердеги малдарды аба-ырайынын шарт жагдайына карата көчүрүп-кондуруп өзү баам салып турган экен.

Сары-Кол жери мал киндиктүү болгондуктан, ушундай эмгекчил өжөр адамдардын эбегейсиз эмгектери менен кой-





топоздордун саны миңдеп өсүп, бүгүнкү күнгө чейин Сары-Кол тоо койнунда мал чарбасы түптөлүп калды.

Ат адамдын канаты демекчи Жапаркул миң-башы эң оболу минер аттарга өзгөчө көңүл буруп, жем-суудан кыйбай өз учурунда бердиртип, бапестеп бактырган экен. Ал эми ошол Кош-Үңкүрлөрдү Көөнө-Коргон айылында жашаган жергиликтүү кыргыздар эле билбесе, көпчүлүгү азыркыга чейин укпаса керек чыгар. Кош-Үңкүр бул Жапаркул миң-башынын кош канаттары болгон асыл жылкы тукумун асыраган эң сонун, не бир керемет, не бир кооз жер. Бул жерди келип көргөн адам, бир башкача керемет кооздугун сезе алат.

Кош-Үңкүр кош жорголор узап барат,<br>
Таскагын кагып алар узак барат.<br>
Тагдырлар тарых менен тамырлашкан,<br>
Талыбай канаттары түз алыпарат.

Кош-Үңкүр, кош тулпарлар узап барат,<br>
Карагер караандары узак барат.<br>
Кыйырдан кылымдарга изин салган,<br>
Эзелки элестерге түз алып барат.

Кош-Үңкүр көптөр кетип унут болгон,<br>
Койнуңа кош канаттуу булут конгон.<br>
Улуулар бир өзүндөн кетти алыс,<br>
Караанын элес-булас буруп жолдон .

Кош-Үңкүр, кош жорголор узап барат !!!<br>
Кылымдын кыйырында узак барат !!!



Жапаркул миң-башынын ат баккан жери Кош-Үңкүр

# Тамчы- Жар жөнүндө

Рахманкул хандын туулган жери (Мургап) Сары-Кол өрөөнүндө жайгашкан. Көп тарыхый булактарда Рахманкул хандын туулган жери Тамчы-Жер деп айтылып жүрөт, бирок чындыгында бул жер Тамчы-Жар деп аталат. Тамчы-Жар Ак-Суу дарыясын бойлой Мадиян тарапка кетип жаткан чоң жолдун боюнда чоң жарлардын түбүндө жайгашкан (өтөк) конуш дал ушул жер Тамчы-Жар деп аталат. Ал жерлер жар бойлой Мадиян өрөөнүнө көздөй кетчү кырка жарлар, Эгиз-Жар, Тамчы-Жар, ж.б.у.с айтылып калган.

Тамчы жар шамал тийбеген, дарыянын жээги, какырда боз от чөбү бар, суу боюнда тулаң шибер чөбү бар малга ыңгайлуу жылуу жер. Жапаркул миң-башы жана анын жакындары шамалга паанек деп (Сары-Колдо шамал катуу болгондуктан) ошол жар түбүндөгү жылуу жерге жайгашкан, бир тарабы суунун жээги.





Илгери ушул жерде чоң короо топоз жана жылкы байлаган желелер болгон экен. Азыр ошол эски короонун орду калган.

Тамчы-Жар күңгөй тарапта болгондуктан, ар дайым күн эрте тийет, жана кышында короо тоңбойт. Караңыздарчы, илгери адамдар кандай чарбакер адамдар болушкан, малга ыңгайлуу жерлерди тандап билип анан журт кылышкан .

Жапаркул миң-башынын жылкылары ушул Тамчы-Жардан тээ Мадияндын Жер-Үй, Ниязек деген жерлерине чейин жылкылары батпай жайылып суу бойлоп жүрчү экен.

Тамчы-Жарда Жапаркул миң-башынын уулу Рахманкул жарык дүйнөгө келип, ушул жерлерде чоң той болгон экен.

Бүгүнкү күндө жолдон ары-бери өткөндөр Тамчы-Жардан өтүп баратып, тээ өткөн доорлорду, Жапаркул миң-башы жана Рахманкул хан сыяктуу улуу инсандарды эстебей коё албаса керек .

Билгендерге Тамчы-Жар Сары-Кол (Мургап) жериндеги улуу инсан жарык дүйнөгө келген табыгый тарыхый баалуу жер болуп эсептелет!



Рахманкул хандын туулган жери Тамчы-Жар

# Жапаркул миң-башынын бычакка сап болор уулу Рахманкул хан

Адамдын адамы көп асылы аз,- деген сыңары Жапаркулдун ушул уулу өзгөчө эле. Рахманкул жаштайынан эле акыл-эстүү ишке жарамдуу, бир сөз менен айтканда ( Бычакка сап болор) адам болору бала кезинен эле Жапаркулга маалым болгон эле. "Болот бычак сабынан, болор бала жашынан" дегендей Рахманкул атасы Жапаркулдун сөзүн угуп айтканын эки кылбады, Жапаркул ушул уулуна көп ишенип, ушул уулудан көптү үмүт кылат эле.

Жапаркулдун кудайдан тилегени эле: ушул уулум эл керегине жараса экен, элдин алкышын алып эл уулу болуп, журтуна ак кызмат кылса экен дээр эле.

Ата балага сынчы демекчи, Жапаркул да уулунун жакшы сапаттарын көп байкачу.

Жети атасынан бери асылдар чыгып келген бу биздин уруудан, кудайым эми деле уучубузду куру койбос, ушул уулум жарайт куда кааласа, менин атымды алып жүрөр чыныгы "Ата-уулу" боло көргөй деп алакан жайып кудайдан тилеп бата кылар эле.

Жапаркулдун жашы өтүп улгая баштаганда уулу Рахманкул менен ары сырдаш, ары мундаш болуп эң жакыны да ушул уулу болуп калды. Көкүрөк арманын, көөдөндөгү не бир каткан ойлорун ушул уулуна айтар эле .

Ээ бул каткан баш эмнелерди көрбөдү, адамдын асылын да, айры буттуу айбан сыяктууларын да көрдү. Бул жашоодо ак менен кара жалгашып жарала берет тура .

Жапаркул кудайга миң мертебе ыраазы болот .

Ушундай уул бергенине миң шүгүр кудайым деп ичинен шүгүр кылат. Ал өмүрүнүн акырында Рахманкулга купулу





толуп ыраазы эле, өлсөм менин атымды бийик алып жүрөр уулум деп ойлойт эле, ал Рахманкулга терең ишенер эле.

Кудайдын кулагы сүйүнсүн, Рахманкул атасынын атын бийик кылды, ал чыныгы ата-уулу экендигин көрсөтө алды.

Атасы айткандай эч качан бирөөгө кыянаттык кылбады, намысын сатпады, жашоодо ак жүрдү, кандай күндөр болсо да кудайды унутпады. Кыйынчылык келгенде мөгдөп чөкпөдү, жыргалчылык келгенде магдырап көппөдү!!!

Баарына шүгүр кылды! Өз тагдырына шүгүр кылды!

Рахманкул хан, Жапаркул мин-башынын (атасынын) үнгүлүү улуу жолун бийик тутуп, ата ысымын татыктуу алып жүрө алды!!!

# Жапаркул мырза миң-башы (дастан)

Тоо жолдору бүтпөгөн,  
Топозго жүгүн жүктөгөн .  
Түз жолдору бүтпөгөн,  
Төөгө жүгүн жүктөгөн.  
Ак-кепич кийген бутуна,  
Ак алтын салган кутуга.  
Көк кепич кийген бутуна ,  
Көп алтын салган кутуга.  
Жылып оттоп шиберден,  
Жылкылары тирелген.  
Токтоп оттоп шиберден ,  
Топоздору тирелген.  
Алты күндүк сай жондо,  
Алыскы тоолуу ай жолдо.  
Атагы кеткен алыска,  
Жаамы журтка белгилүү.  
Жапаркул мырза мин-башы,

Тегерек бүткөн жеринен.
Тескейдин бийик төрүнөн,
Тээ алыскы тектир тоо.
Жалпы журтка белгилүү,
Жапаркул мырза миң-башы.
Тектүү тейит элинен,
Салмактуу баскан кыязы.
Сар чепкени пыязы.
Ойлонуп баскан кыязы,
Оймолуу чепкен пыязы.
Толгонуп баскан кыязы,
Тоодогу бүркүт уясы.
Жапаркул деп жазылса,
Жетерби калем сыясы.
Учугу чыкпай өрүмдөн,
Үзөңгү боосу өрүлгөн.
Жарашык болуп келбети,
Жапаркул мырза миң-башы.
Жамалы сындуу көрүнгөн.
Ичинен ылым санашкан,
Сапарда бирге жанашкан.
Алган жары Апийда,
Жапаркул мырза миң-башы.
Көркүнө-көркү жарашкан.
Өзүнө ылым санашкан,
Өмүрлүк жолдо жанашкан.
Жапаркул мырза миң-башы,
Өнүнө-өнү жарашкан.
Төбөсү калбай катардан .
Төрөдөн сыйлык кат алган,
Томуктай кезден торолуп,
Токурбек бийден бата алган.
Карааны калбай катардан,
Калкында жакшы аталган.





Кашында туруп бектердин,
Калайык журттан бата алган.
Мургаптын тоосу чалкыган,
Булуттар учуп калкыган .
Жапаркул мырза миң-башы,
Атагы чыккан калкымдан.
Сары-Кол тоосу чалкыган,
Сабалап бүркүт шаңшыган.
Жапаркул мырза миң- башы,
Жарк этип чыккан жалпымдан.
Баш-Күмбөз, Ак-Суу жеримден,
Батасын алган элимдин.
Аличор Нуркап жеримден,
Алкышын алган элимдин.
Жапаркул мырза миң-башы,
Жериңден узап кетсең да,
Эсинде калдың элиңдин.
Көрөңгө Көөнө-Коргонуң,
Көрүнбөй узап кетсең да,
Көөнүндө калдың элиңдин.
Узаган жолду улашып,
Убакыт кетти кыр ашып.
Мейкинде сапар улашып,
Мезгилдер кетти кыр ашып.
Туйлатып тулпар тушунда,
Жапаркул мырза миң-башы,
Жакшыга жүргөн жанашып.
Кыраңды ашып кыйырдан,
Кыйындар менен жарашып.
Жайкалып өткөн жашоодон ,
Жакшылар менен жанашып.
Алты баар көп болгон,
Асылдын оюу төп болгон.
Жети баар көп болгон,

Жакшынын кеби көп болгон.
Ашуу ашкан айры бел,
Айылымда жакшы көп болгон.
Белес ашкан бийик жол,
Жапаркул мырза миң-башы.
Бектин сөзү эп болгон.
Асынган мылтык октобой,
Аргымак чапса токтобой.
Алыскы элдин беги деп,
Алты уруу элдин теңи деп.
Жапаркул мырза миң-башы,
Тейиттин асыл теги деп.
Теминип айттык токтобой,
Ак-Зоонун ак ташы бар.
Асыл бир элдин башы бар,
Көк тоонун көк ташы бар,
Кадырлуу элдин башы бар.
Жаамы журттун теги бар,
Жалпыга калыс кеби бар.
Жазылбай калган тарыхка,
Жаркырап өткөн беги бар.
Калдайган журттун теги бар,
Калкына калыс кеби бар.
Катталбай калган тарыхка,
Кайрылып өткөн беги бар.
Тегиз бир жердин эли бар,
Деңиздей терең кеби бар.
Тектирде аркар түнөгөн,
Тектүү бир элдин теңи бар.
Жапаркул мырза миң-башы,
Өзүндөй улуу беги бар .
Алты жүз жылды кат кылып,
Мезгилдер терең көмгөндүр.
Кайрандардын карaанын ,





Калдайган тоолор көргөндүр.
Жети жүз жылда кат кылып ,
Кылымдар терең көмгөндүр.
Жеримден чыккан жакшыны,
Желпинген шамал көргөндүр.
Ордуңа гүлдөр өскөндүр,
Ойногон шамал өткөндүр.
Жериңе гүлдөр өскөндүр ,
Желпинген шамал өткөндүр.
Жапаркул мырза миң-башы,
Өзүңдөй болгон асылдар,
Өмүрдөн узап кеткендир.
Жер энем көптү төрөгөн,
Жети атаң асыл төрөдөн.
Ак энем көптү төрөгөн,
Алты атаң асыл төрөдөн.
Ултан болгон улугуң,
Султан болгон уругуң.
Жапаркул мырза миң-башы,
Кымбаты элең шурунун.
Ак бычак мойну коргошун,
Тулпар да тааныйт ордосун.
Көк бычак мойну коргошун,
Көгүчкөн тааныйт ордосун.
Жапаркул мырза миң-башы.
Сары-Колдо ийген булагың,
Сай-сайга толуп соолбосун.
Мургаптан ийген булагың,
Мелмилдеп агып соолбосун.
Кыйарган кийим кийилбейт,
Кылымдан тарых чийилбейт.
Тозуган көйнөк кийилбейт,
Доордон тарых чийилбейт,
Жапаркул мырза миң-башы.

Өлгөндүн көрү казылат,
Өткөндөн тарых жазылат.
Кеткендин көрү казылат,
Кеткенден тарых жазылат.
Жашарып бир аз көктөмдөн,
Жашоодо жашап өткөн көп .
Күн тийсе бир аз көктөмдөп,
Күн көрүп жашап өткөн көп .
Жазыла бербес тарыхка ,
Өзү үчүн жашап өткөндөр.
Эл эстейт сиздей инсанды,
Эл үчүн жашап өткөн деп.
Журт билет сиздей инсанды,
Журту үчүн жашап өткөн деп.
Кайрадан жазар чын тарых,
Калкы үчүн жашап өткөн деп.
Тар жолдор татаал корум таш,
Тагдырлар каккан добулбас.
Кыр жолдор татаал корум-таш,
Кылымдар урат добулбас.
Канатын күүлөйт көп куштар,
Кайрылып сиздей табылбас.
Өзөнгө кайра куш конор,
Өзүндөй кимге туш болор.
Аралга кайра куш конор,
Асылдар кимге туш болор.
Жаралса кайра Жапаркул,
Жалпыга жакшы иш болор.
Кайрылса кайра Жапаркул,
Калкына жакшы иш болор.
Жапаркул мырза миң-башы,
Өзүңүз тоого барабар.
Өзүңсүз элде санаа бар,
Кылымда сейрек бир жолу,





Кыргызда сиздей жаралар.
Башыңыз тоого барабар,
Байкасам элде санаа бар.
Байырлап көлгө куш конуп,
Бактыга сиздей жаралар.
Өчпөгөн жарык кубалап,
Өмүрдүн шамы куралат.
Аалам, ай, тоолор турганда,
Адамдын жолу уланат.
Жылдыздан шоола кубалап,
Жарыктын шамы куралат.
Дүйнөбүз түгөл турса эле,
Жашоонун жолу уланат.
Жапаркул мырза миң-башы,
Көрүнбөй кеткен жүзүңүз,
Кыйырда калган изиңиз.
Өчүп бир кеткен жүзүңүз,
Өмүрдө калды изиңиз.
Бурулуп кеткен жүзүңүз,
Бийикте калды изиңиз.
Жапаркул мырза миң-башы,
Жумулуп кеткен көзүңүз,
Жомокто калды сөзүңүз.
Унутпай эстеп урпактар,
Учугун улар өзүбүз.
Бул дүйнөдө ким калды?
Алтын, төө, ат калды.
Жарыкта тирүү ким калды?
Байлык, мал-мүлк, ат калды.
Байлыктын баасы барк эмес,
Баатырлар намысы менен баркталды.
Жапаркул мырза миң-башы,
Белгисиз бизге көрүңүз,
Бейиште болсун төрүңүз.

Жашоодо калса не арман,
Жаннатта жетип көрүңүз .
Ал жакта болсо алп-тоолор,
Ак-туйгун болуп конуңуз.
Азамат эрдин ак иши,
Аллага жаксын жолуңуз.
Ал жакта болсо көк тоолор,
Көгүчкөн болуп конуңуз.
Чындыктын ташы салмактуу,
Кудайга жаксын жолуңуз.
Жапаркул мырза миң-башы,
Сагынып самап Сары-Колду,
Алыстан көпкө карайбыз.
Кусадар болуп самайбыз,
Нарктууну көрсөк жашоодо.
Жапаркул деп санайбыз.
Көрөңгө көрсөк көөнөрбөс,
Көп ишин сизге баалайбыз.
Темирдин датын өгөйбүз,
Теренди сизге ченейбиз.
Алтындын баасын билебиз ,
Асыл деп сизди жүрөбүз.
Күмүштүн баасын билебиз,
Кыраан деп сизди жүрөбүз.
Кыйырда калган баркыңды,
Кырларга жазып илебиз.
Сары-Кол тоосу катар кыр,
Санжыра калды Жапаркул.
Тагдырлар баскан катар кыр,
Тарыхта калды Жапаркул.
Кылымдар өтүп арадан ,
Эскерип жазган урпактар.
Китепте калды Жапаркул .





# ТОЙ (ДАСТАН)

Илгери өткөн заманда, (Чыгыш Памир) Сары-Кол өрөөнүндөгү Ыраң-Көл айылында, атагы алыска кеткен Кудайберген бай ажы деген, элге-журтка кадырлуу бай өткөн экен.

Ошол Кудайберген бай ажынын ай-чырайлуу кызы Апийда, (Кийин Жапаркул миң-башы жана Апийданан Рахманкул хан төрөлгөн) Жапаркул миң-башыга турмушка чыгып ошондо Сары-Кол өрөөнүндө чоң той болгон экен. (Апийда Темир бийдин Разия аттуу кызынын кызы болгон) Ошол чоң тойдо төгөрөктүн төрт бурчунан Гиссардан, Бухардан, Кашкардан, Алайдан, Бадахшандан жана башка көптөгөн элдерден коноктор келип үч-күн үч түн конок болуп, ат жарыш, улак-тартыш, ордо атмай жана башка түрдүү оюндар болгон экен. Ошол тойдо Ак-Эшен аттуу чоң олуя келип, суу жок жерде (Ыран-Көлдө) чоң той болуп, кызматчылар кудуктан суу ташып кыйналып түйшүк тартып жатканын көрүп, кудайдан тилек кылып алакан жайганда кадимкидей сай менен толтура суу келип, той бүткөнчө ошол суу токтобой агып турган экен. Ошол чоң тойдо ат жарыш болуп, Кудайберген бай ажынын өзүнүн Миң-дилде деген аты озуп келген экен, экинчи болуп Кытайдан келген Таш-көк деген күлүк озуп, ал эми үчүнчү болуп, кайра эле Кудайберген байдын Чай-сары деген күлүгү озуп келген экен (Миң-дилденин күүсү да эл арасында айтылып калган).

Жапаркул миң-башы Кудайберген байга Ак-Падышанын кадырлуу офицерлерин ортого салып (жуучулукка) Апийдани жубай кылып алган деген да сөздөр бар.

Ошол мезгилде Сары-Кол өрөөнүндө Николай Падышанын аскерлери болгон экен.

Кудайберген бай ажы,
Кашкарга жеткен кабары.
Кудайберген бай ажы,
Алыска кеткен атагы.
Даңкы чыккан далайга,
Кабары жеткен Алайга.
Гиссар, Кашкар, Жаркенттен,
Самарканд, Бухар,Ташкенттен.
Көптөр билип тааныган,
Кудайберген бай ажы.
Амандашып катташып,
Билишкен көптөр жакындан.
Сары-Колдун жалаң кум ташы,
Сары алтын бийик бел ашуу.
Коктулуу салаа жылгасы,
Кийиктер жүргөн тоо ташы.
Кудайберген бай ажы,
Сары алтындан зер кылып.
Ак-Күмүштөн тең кылып.
Кыз узатып эл күтүп .
Үч күн үч түн салт кармап,
Каадалуу нарктуу той кылып.
Алыстан келген конокко,
Кой союп этин тарттырып.
Ат чаптырып алыстан,
Алтын берип карыштап.
Күлүк сынап алыстан,
Күмүш берип карыштап.
Кулактуу жамбы байлатып,
Күлүктөрдү айлантып.
Тай туяк алтын байлатып,
Тай жоргону айлантып.
Сары-Колдун тегиз талаасы,
Сары алтын байге арттырып.





Сап күлүктү чаптырып.
Канатыны гүл кылып,
Катар катар үй тигип.
Түндүгүнү гүл кылып,
Түрлөп жасап үй тигип.
Жалпыга болгон эл башы,
Жапаркул датка миң-башы.
Жалпы элге болгон эл башы,
Жапаркул мырза эл башы.
Күнчүлүк жерде эл башы,
Күйө бала миң-башы.
Барча гүл өскөн какырга,
Бай ажы кызы Апийда.
Топ гүлдөр өскөн какырга,
Той түшкөн сулуу Апийда.
Темирдин болот сырт жагы,
Темир бийдин урпагы.
Темирдин асыл сырт жагы,
Темир бийдин урпагы.
Тойдун тойдой шааниси,
Той-топурдун мааниси.
Ак-падыша орустан,
Ак олпоктуу аскери.
Тойго конок келиптир,
Кайрып аркан тартышкан.
Кашкар менен Артыштан,
Тойго конок келиптир.
Ак-Мечит, Ноокен, Сабайдан
Ат айлантып далайдан.
Аргымак минип Алайдан,
Төгөрөгү төрт бурчтан.
Төө минип ат минип,
Жапаркулдун тоюна.
Көптөр тойго келиптир,

Камчы тийсе жайсаныш.
Жарышка түшкөн Чай-сары,
Баштаганда жайсаныш.
Байгеге түшкөн Чай-сары,
Бай ажынын күлүгү.
Билгендер айткан сынынды,
Күүлөнүп учкан жайсаныш.
Күүгө түшкөн Чай-сары,
Көргөндөр айткан сырыны.
Кыйырдан озгон башка көп,
Кытайдан келген Таш-көк ат.
Айланып озгон башка көп,
Алыстан келген Таш-көк ат.
Суутса тери кургайт дейт,
Сусабайт узак чуркайт дейт.
Шумкардай болуп учат дейт,
Тулпардай болуп сызат дейт.
Атактуу күлүк Миң-дилде,
Ыр болуп калган бул күндө.
Күлүктүн өзү Миң-дилде,
Күү болуп калган бул күндө.
Бай ажынын аттары,
Баш  бузбай келген катары.
Бай ажынын аттары,
Байге алып келген катары.
Дүңгүрөгөн чоң тойдо,
Зобололуу зор тойдо.
Айланып алыс жерден дейт,
Ак-Эшан келип алыстан,
Ак-Батасын берген дейт.
Ашуу ашып белден дейт,
Алыскы улуу элден дейт.
Ат арытып жол жүрүп,
Атайын мында келген дейт.





Алакан жайып оомийин деп,
Ак батасын берген дейт.
Көз ирмебей ойгоо дейт,
Алакан жайып койгон дейт.
Кудайдан тилеп сураныш,
Ыраң-Көлдүн жеринде.
Үч-күн, үч-түн токтобой,
Суу агызып койгон дейт.
Кереметин көргөндөр,
Жакасыны кармаптыр.
Жанына жакын барбаптыр,
Кудай деп тообо кылышып.
Ак-Эшенга ак уруп,
Калайык калк калың журт.
Алкыш сөзүн арнаптыр,
Сааты жетип ай толуп.
Санжыра калган айтылып,
Убакыт жетип ай толуп.
Уламыш калган айтылып,
Ак-Эшендин санаты.
Сары-Колдо калган айтылып.
Ыраң-Көлдүн боюнда,
Жапаркулдун тоюнда.
Кереметин көрсөтүп,
Суу агызган сай кылып.
Ак-Эшен калган айтылып,
Санжыра калды ыр калды.
Сан жалдар канча ырдалды,
Өткөн күн кетти ыр калды.
Өткөндөр нечен ырдалды,
Бек хандар жүргөн бийик бар.
Белесте калды кийиктер,
Даткалар жүргөн бийик жер.
Дабаанда калды кийиктер,

Улуулук сөздү сүйлөгөн.
Улуулар өткөн дүйнөдөн,
Аруулук сөздү сүйлөгөн.
Аалымдар өткөн дүйнөдөн,
Тасмасын түрүп тарыхтын.
Таамайын ачкан анык чын,
Санатын билип тарыхтын.
Санжыра айткан анык чын,
Алакан жайып ар-убак.
Бата кылып жүрөлү,
Батасын берген Ак-Эшен.
Касиеттүү элденбиз,
Кайберен түнөк жерденбиз.
Кудайым сүйгөн элденбиз,
Кулжалуу түнөк жерденбиз.
Минерге тулпар бакканбыз,
Мин-Дилде күлүк чапканбыз.
Талпынган күлүк бакканбыз,
Таш-Көктөй күлүк чапканбыз.
Чачыла чачып тергенбиз,
Чай-Көктү чаап келгенбиз.
Алакан жайган аталар,
Ак калпак кыргыз элденбиз.

Ак- Мөнгүлүү тоолордо,
Ак калпак кыргыз
элденбиз!!!





# Кудайберген байдын кызы Апийда менен Жапаркул миң башынын тоюнда алыстан ат арытып келген бир төкмө минтип ырдаган экен :

Алыскы жерден келдим мен ,
Айтылуу Сары-Кол жерине.
Салт саналуу элине .
Кайберен качкан төрүнө,
Тоюңду көрүп кайтамын,
Топ элге салам айтамын.
Жайыңды көрүп кайтамын ,
Жалпыңа салам айтамын .
Кызыгың көрүп кайтамын ,
Кыйма кырда жашаган ,
Кыр ашкан алыс жердеги,
Кыргызга салам айтамын .
Кудайберген бай экен,
Төрт тарабы шай экен.
Сары-Кол деген улуу жер,
Шагылдуу жылга сай экен .
Жапаркул мырза бай экен ,
Төрт тарабы шай экен,
Жар бойлоп бассаң жарашык ,
Жаннаттай жериң бар экен.
Алкынтып тулпар чабамын,
Алыстан уктум кабарын .
Улантып күлүк чабамын,
Узактан уктум кабарын.

Ыран-Көл көрктүү жер экен,
Ыймандуу жакшы эл экен.
Сары-Кол көркөм жер экен,
Салтыны туткан эл экен.
Туругу бийик зоо экен,
Турумтай учкан тоо экен.
Улама бийик зоо экен,
Улары учкан тоо экен.
Бурама аска зоо экен,
Бүркүтү учкан тоо экен.
Эриш аркак жалпы экен,
Эли шайыр калк экен.
Жуп ынтымак жалпы экен,
Журту жакшы калк экен.
Көгөргөн көлү бар экен,
Көпчүлүк көөнү шай экен.
Агарган көлү бар экен,
Аккан суусу шар экен.
Боз оту кырда көп экен,
Боз уланы төп экен.
Шибери түздө көп экен,
Шайыры элдин көп экен.
Бөрүбек апыз, куу кулак,
Жаныбек, Осмон, ырчылар
Элинде ырчы көп экен.
Кошмок сөзү сыр экен,
Кошуп бир төксө ыр экен.
Жашырып айтспас сыр экен,
Жамактап айтса ыр экен.
Саналуу тойду көп көрдүм ,
Сары алтын байге бөктөрдүм .
Күрдөөлдүү тойду көп көрдүм ,
Күмүштөн байге бөктөрдүм.
Жаралган ушул күнүмдү,





Жакшылык менен өткөрдүм .
Алыскы Алай -Сары-Колго,
Айланып учуп барсам деп.
Алладан тилеп көксөдүм.
Кубанган күндү көп көрдүм ,
Кызарган манат бөктөрдүм,
Кырчындай жаштык күнүмдү,
Кыз-уул тойдо өткөрдүм .
Кызыл-Арт, Сары-Кол жериңди,
Кызыгын эңсеп көксөдүм.
Кабыл деп айткан тилегим,
Кудайдан кайтты билемин.
Кайрылып келдим Сары-Колго,
Калкыңа ырдап жүрөмүн .
Кудайберген бай ажы,
Кийгени кымбат тон экен.
Кылган иши оң экен,
Коктудан качты кылактап,
Коёну кыйла чоң экен.
Жапаркул бай миң-башы ,
Жамынганы зор экен,
Алтындан торко тон экен.
Тоолордун көрдүм аркарын,
Топоздой кыйла чоң экен.
Кара-Көл көлү толкуган ,
Дайрасы агып оргуган.
Байырлап турган Сары-Колду ,
Байыңды көрдүм ордунан.
Булуң-Көл көлү толкуган,
Мургаптын суусу оргуган.
Мурдатан калган байырлап,
Элиңди көрдүм ордунан.
Ак-Өргө сындуу төрөнүн,
Ак-Суу бир Шаймак өрөөнүн.

Кыялап бассам алыстан,
Кызыгын дагы көрөрмүн.
Жыйылган журтка күү кылып,
Жыйынын ырдап берермин.
Ак-Балык, Аличор өрөөнүн,
Алыстан барып көрөрмүн.
Айланган бийик тоолордо,
Алкыныган азоо күлүктөй .
Айтып бир ырдап берермин.
Түлкүсү кызыл манаттай,
Түпкүрдө жандык көп экен.
Түгөнбөс туруп ырдасам,
Түтөктүү бийик жер экен.
Алты-арышын жетпеген ,
Аркарлар бетте оттогон .
Ак-Байтал ашуу бийикте,
Аябай сонун бел экен.
Аркырап шамал жел экен,
Аңкыган жыпар чөп экен.
Ааламда мындай жер жоктур ,
Алыскы тоонун койнунда,
Салт-санатын сактаган .
Сары-Колчу улуу эл экен,
Сары-Кол көркөм жер экен.
Күн чыгып тоодон жылганда,
Кой-топоз чууруп жылганда .
Көрүнөө жүрсө кайберен,
Көз салып турсаң жыргал да.
Тоолордун бийик аймагы ,
Топоздун калың каймагы.
Кырлардын бийик аймагы,
Койуңдун калың каймагы.
Аман болсун ар дайым,
Кадырлуу калк элиңдин .





Кайкы белде оттогон,
Короо-короо мал жаны.
Чогулуп келип жалпыңыз,
Жазылып турат жарпыңыз,
Аман болсун ар-дайым,
Алыскы Сары-Кол калкыбыз.
Жаамы журт келип жалпыбыз,
Жазылып турат жарпыңыз.
Жапаркул бай миң-башы,
Бак конуп турат башыңа,
Бактылуу болсун калкыңыз.
Сөзүмө көңүл бөлүңүз ,
Санаттуу экен төрүңүз .
Саналуу узак жыл өтпөй ,
Батасы тийип жалпынын,
Жаамы Сары-Кол калкынын .
Жалгашып перзент көрүңүз .
Баараанду экен төрүңүз,
Балтыр бешик ыргалсын.
Бапырап бала көрүңүз .
Кутман бир экен оюнуз ,
Кут болсун ушул тоюңуз .
Арыштуу экен оюңуз ,
Ак жолтой болсун тоюңуз .
Күлүктү курап чаптырдың,
Орошон ордо аттырдың.
Тойго келген топ элди,
Төрүңө жайлап батырдың.
Калкыңдан алдың ак-бата,
Төрөм ишини кылгын баатырдын.
Тоюңду мыкты өткөрдүң,
Батасын алдың көптөрдүн.
Журтуңа жаса ак эмгек,
Төрөм жумушун кылгын бектердин.

Алтындан чепкен жамындың ,
Атайын тойго камындың.
Көтөрүп турат даңкыңды
Көңүлүн сура жарыңдын.
Күмүштөн торко жамындың,
Күн санап тойго камындың.
Көтөрүп турат баркыңды ,
Көңүлүн сура жарыңдын.
Актын көөнү ак болот,
Агарса пейил шат болот.
Жакшыса жакшы жанашса ,
Кайрылып келип бак конот .
Кадырлуу элге кут консун,
Кадырлашкан журт болсун.
Сары-Колдук элге кут консун,
Санжыралуу журт болсун .

Какшыбай ийип булагы,
Таңшып бир турсун улары.
Шаркырап ийип булагы ,
Шаңшып бир учсун улары.
Уңгулуу элде ой болсун,
Улам-улай той болсун.
Куттуу элде ой болсун ,
Кыз-Уулунда той болсун.
Ынтымак болуп элинде,
Жалпы журт тойдо тойлосун.
Береке кетпей жериңден,
Бектериң чыксын элиңден.
Жакшылык кетпей элимден,
Жакшылар чыксын жериңден.
Кайрылып турам көп ырдап ,
Кайкы куш конгон төрүңдөн.
Коштошкум келбей кыйылам,
Сары-Колдун асыл элинен.



ТАМЫРЫ БОЛБОЙ ЖЕР БОЛБОЙТ, ТАРЫХЫ БОЛБОЙ ЭЛ БОЛБОЙТ

Кетким бир келбей кыйылам ,
Кең тала Сары-Кол жериңден.

# РАХМАНКУЛ ХАН (ДАСТАН)

Төрт кулактуу казаным,
Төрдө айткан казалым.
Кош кулактуу казаным,
Короодо айткан казалым.
Тоолуу жердин бийиги,
Топтошуп жүрөт кийиги.
Кош өрүм чылбыр арканы,
Короолоп жүрөт аркары.
Өзгүндөй тамырдын,
Өзгөчөсү Памирдин.
Рахманкул - Хан ата
мазарыңа жыгылып,
Дуба кылдым жүгүнүп.
Жалгыз союш алпарып,
Жаратканга жалбарып,
Куран окуйм багыштап.
Көп арпанын ичинде,
Жалгыз буудай өзүңүз.
Көп күлүктүн ичинде,
Жалгыз буудан өзүңүз.
Көпчүлүктүн ичинде,
Акылманы өзүңүз.
Оймолуу болгон камчыңыз,
Олуттуу болгон салтыбыз.
Кештелүү болгон камчыңыз,
Кадырлуу болгон салтыбыз.

Суусардан болгон бөркүңүз,
Сындуу бир келген көркүңүз.
Кундуздан болгон бөркүңүз,
Купуя сырдуу көркүңүз.
Олуттуу болгон оюңуз,
Ортобо болгон боюңуз.
Тереӊ болгон оюңуз,
Тепкедей болгон боюңуз.
Рахманкул- Хан ата,
Аскалуу тоонун шумкары,
Ай тийген жердин тулпары.
Күнөстүү тоонун тулпары,
Кийиктүү тоонун шумкары.
Ак кулжанын туругу,
Ак- Чепкендин шырыгы.
Дүйнөдөн нечен хан өткөн,
Тарыхта хансыз чыныгы.
Аптаптуу ысык саратан,
Хан боло албайт ар адам.
Бийикте ысык саратан,
Бек боло албайт ар адам.
Сунулуп кылыч турганда,
Тагдырлар жолду бууганда.
Кайратын күчүн жоготпой,
Хан болуп турган хан атам.
Керегин атка өңөргөн,
Кереге жайып имерген.
Жарагын атка өңөргөн,
Жабуусун жайып имерген.
Төөгө арткан баштыгын,
Топозго арткан аштыгын.
Өгүзгө арткан баштыгын,
Оогандан алган аштыгын.
Күлүккө арткан баштыгын,





Кабулдан алган аштыгын.
Тапканын тегиз тараткан,
Кыблага төрүн караткан.
Улуу журтка баш кылып,
Кудайым сизди жараткан.
Кош миздүү күмүш бычагын,
Конокко ачык кучагын.
Меймандос болгон журтуңуз,
Келгенге ачып кучагын.
Булактын мөлтүр тунугу,
Улуунун болуп улугу.
Кырларда кылым өтсө да,
Ханы сиз журттун чыныгы.
Оймолуу күмүш үзөңгү,
Ойлонуп баскан түзөңдү.
Отуруп карап байкаган,
Ойуну билип жүз өңдү.
Он сап ыр жаздып санжыра,
Капшыра кармап тиземди.
Сарыкол, Памир, Нуркабым,
Бек хандар өткөн мурдагы.
Комдонуп турган бүркүттөр,
Табына келип туурдагы.
Желбегей чепкен жамынган,
Күмүштөн кемер тагынган.
Таруудай болуп тозудук,
Хан ата биз элиң сагынган.
Пиязы чепкен жамынган,
Алтындан кемер тагынган.
Туш-тушка кетип чачылдык,
Хан ата биз журтуң сагынган.
Сүмбөңдүн учу сары эле,
Сөзүңдө таасир бар эле.
Көөкөрүң чети сары эле,

Кебинде таасир бар эле.
Өзүңдөй болуп акылман,
Журт баштай албайт баары эле.
Түндүктөн түшкөн ай көрктүү,
Түрүлгөн дайра сай көрктүү.
Короо-короо жылгада,
Жайылып жүрсө мал көрктүү.
Салмактуу болуп табылган,
Салам айткан Кабулдан.
Дөөлөттүү болуп табылган,
Дуба айттырган Кабулдан.
Ыйык жердин уулу деп,
Бийик жердин беги деп.
Баатырлардын шери деп,
Акылманы элдин деп.
Коргоочусу жердин деп,
Бүткүл дүйнө тааныган.
Кабулга барса коркпогон,
Кашкарга барса жортпогон.
Мазарлуу жерден кыя өтпөй,
Маани берип токтогон.
Өчүрбөгөн авазын,
Таштабаган намазын.
Салт - санаасын сактаган,
Жолунда ата- бабанын.
Калыс сөзүн кармаган,
Каадасыз жерге барбаган.
Бийикте тоонун бүркүтү,
Хан- ата сиздей барбы адам.
Суу акпай соолуп сай курук,
Кейидик сизден айрылып.
Кылымда сиздей келеби,
Даанышман бизге кайрылып.
Тумандуу тоолор Андемин,





Тагдырлар татаал кантемин.
Шамалдуу тоолор Андемин,
Шартыбыз катаал кантемин.
Мекенди таштап көчпөйбүз,
Мелүүн бул жерден кетпейбиз.
Канча жыл мезгил өтсө да,
Хан ата сизди эстейбиз.
Шамалдуу жерден көчпөйбүз,
Шаарга алыс кетпейбиз.
Шарият жолун кармаган,
Хан ата сизди эстейбиз.

Тумандуу тоолор Андемин,
Тагдырлар татаал кантебиз .
Шамалдуу тоолор Андемин,
Шартыбыз катаал кантебиз.

# АРНОО

Биз ушул китебибизди Сары-Кол жергебизден чыккан жердешибиз, кыргыздын акыркы ханы Рахманкул Жапаркул уулунун 110 жылдыгына, жалпы Сары-Кол элибиздин атынан арнап жаздык.

Көөнө-Коргон жеримден,
Көрөңгөлүү элимдин.
Көпчүлүгү биригип,
Баштап калды бир ишти.
Башынан кармап киришти.
Санжырасын жазам деп,
Сап жакшысын казам деп.
Тарыхын карап тактайм деп,
Тарыхый ишти данктайм деп.
Жапаркулдай миң-башы ,

Жалпысын айтып мактайм деп.
Элимден чыккан көп жакшы,
Элибиз түптүү төп жакшы.
Мал жандыгы оттогон ,
Жар түптөп шибер чөп жакшы .
Мына ошол Көөнө-Коргон айылыбыз,
Аталар калган жайыбыз .
Шажандан калган мазар бар,
Төрөдөн калган базар бар.
Очоктуу күмбөз мазар бар,
Орустан калган базарлар.
Ак-Суу менен Ак-Байтал,
Дарыя суусу бириккен.
Тарыхты кара үңүлүп,
Көптөрдүн мында күн өткөн .
Николай деген Ак-Пааша,
Алгачкы посту салынган.
Кайрылсак өткөн тарыхка,
Баардыгы даана жазылган.
Көөнө-Коргон ырабат,
Көөнөрбөс дастан уланат.
Издей келсек тарыхты,
Көп сөздөр мындан куралат.
Илгерки өткөн доордо,
Көөнөрбөс-Көөнө Коргонум.
Кылымдан ашып кыйла жыл,
Чордону болгон ордонун.
Кербендер келип конгон жер,
Ак-Пааашанын тушунда ,
Алгачкы борбор болгон жер.
Аскерлер келип пос салган,
Алыстан карап көз салган.
Ак-Пааша келип пост салган.
Айланып келип көз салган,





Ак тамын тизип тез салган.
Ташыны тизип кураган,
Башыны байлап бураган.
Кынаптап тизген кирпичин,
Аскерлер жүргөн деп айтат,
Чеп коргоп карап түнкүсүн.
Айланып алыс карасак,
Алысты эстеп санасак.
Көөнө-Коргон жерибиз,
Көөнөрбөс улуу элибиз .
Көп тарыхтар өтүптүр,
Көп күндөр өтүп кетиптир.
Унгулуу мезгил көчүптүр,
Улуулар жашап өтүптүр .
Кыйла жыл агып кетиптир,
Кыйындар жашап өтүптүр .
Көөнө -Коргон илгертен,
Тогуз жолдун тоому .
Ош-Анжиян кеткен жол ,
Кашкарга чейин жеткен жол.
Гисардан чыгып Гилгитке,
Чубалып кербен кеткен жол.
Алыска карай кеткен жол,
Алайдан ашып өткөн жол.
Баштаган далай кербенди,
Бабалар басып өткөн жол.
Рахманкул хан жердеген,
Жапаркул төрө төрдөгөн.
Жибектин жолу уланып,
Бул жакка келген Көлмөдөн.
Көкөнбектей миң башы,
Жашаган Көөнө-Коргонум.
Көп жакшы иштер өзүндө,
Жасалган Көөнө -Коргонум.

Төрүмдө өскөн көп гүлдөр ,
Жеримде турат төрт күмбөз .
Жарашып өскөн көп гүлдөр ,
Жайында турат төрт күмбөз .
Көнө -Коргон жеримсиң,
Көөнөрбөс улуу элимсиң.
Тарыхта калган ордонун,
Так ортосу өзүнсүн.
Көп жакшылар жашаган,
Көп жакшы иштер жасаган.
Көрөңгөй көрктүү аталган,
Көпчүлүктөн бата алган.
Эми биз ошол жолду уладык,
Улуулардан сурадык .
Баскан жолду уладык ,
Билгендерден сурадык .
Жапаркул уулу Рахманкул ,
Жеримден чыккан инсан деп.
Жапаркул бий миң-башы,
Элимден чыккан инсан деп.
Эскерип жазып уладык.
Эскилерден сурадык,
Элесин эстеп уладык .
Эстелик болсун элден деп,
Эки ооз жазып курадык.
Айланып кылым толуптур ,
Андан бери жыл өтүп,
Рахманкул хан туулганы .
Бир жүз он жыл толуптур.
Көөнө Коргон журтунан,
Көөнөрбөс кылып эскерип.
Сары-Кол элдин атынан,
Санаттуу кылып эстелик.
Аталар жолун нарк кылдык,





Ата журт доорун даңк кылдык.
Сары-Колдон чыккан чыгаан деп,
Кагазга жазып калтырдык.
Тургандай мөлтүр тамчылар,
Туулган жериң Тамчы-Жар.
Төккөндөй мөлтүр тамчылар ,
Төрөлгөн жериң Тамчы-Жар.
Жалпак-Таштан өткөндө,
Мадиянга кеткенде.
Тарыхтан тамган тамчыдай,
Далайын көргөн доордун,
Дарыя жээги Тамчы-Жар.
Сүйлөмүн койуп каптадык,
Сүрөтүн койуп чаптадык.
Тоо жолдорун эстедик,
Доорго койдук эстелик.
Кыйырдын жолун эстелик,
Кылымга койдук эстелик.
Жүз он жыл өтүп арадан,
Жүзүнүз эсте болсун деп,
Рахманкул жана Жапаркул .
Элиңиз жазды эскерип,
Элиңден болсун эстелик.
Жалпылар жүрсүн эскерип ,
Журтуңдан болсун эстелик.
Кош барактуу ак китеп,
Кошулду сиздин атыңыз.
Жарты барак ак китеп,
Жазылды сиздин атыңыз.
Мургаптын жалпы элинен,
Ийилип таазим кылабыз .
Жүз он жылдык маарекең,
Эскерип бүгүн турабыз .
Эстелик болсун бизден деп,

Уул кызы унутпай,
Түбөлүк эстеп жүрсүн деп.
Бул китепти сунабыз .
Кылымдар кайрып өтүптүр,
Кыйлалар кырдан кетиптир.
Көптөрдүн жаркын элеси,
Мунарык тартып өчүптүр.
Арадан жылдар өтүптүр,
Алыскы тоолуу жергемден.
Ар адамдар кетиптир.
Көптөрдүн караан элеси,
Көрүнбөй көздөн өчүптүр.
Мезгилдер кылым тогошту,
Мейкинден кимди жоготтук.
Кыйырда кылым тогошту,
Кыраңда кимди жоготтук .
Сары-Кол жерим бөксөрсө,
Санаасы кайра толот бир.
Жүз жылда болор жер жаңы,
Элүүдө болор эл жаңы.
Тирүүнүн парзы эскерүү,
Бейиштик дүйнө төр жагы.
Өткөнгө дуа кылабыз,
Өткөндү эстеп турабыз.
Унутпай эстеп жүрсүн деп,
Көөнөрбөс журтун атынан.
Жүз он жыл толгон уулуна,
Жазып бир китеп сунабыз.
Калкымдан далай эстелик ,
Калайык жүрсүн эскерип.
Жүз он жыл өтүп арадан,
Кыргыздын ханы акыркы.
Турабыз эми эскерип.
Калдайса калкым күбүлбөй,





Касиет калган түбүндө .
Кур эмес дагы уучубуз ,
Калка бир кайра жаралып.
Калкымдан чыккан асылдар,
Кайрылып кайра туул дейм .
Тарыхы болбой эл болбойт,
Тамыры болбой жер болбойт.
Жакшысын жазган китепке,
Жакшы журт ойлойм кем болбойт.

Бул китеп сизге таберик ,
Берилип окуң баа берип.
Бул китеп бизден эстелик,
Бурулуп окуң эскерип .
Улуу журттан белек бул,
Унгулуу уулга керек бул.
Сары-Колдук элден белек бул,
Санжыра салтка керек бул.
Улуунун жолун наркталат,
Унгулуу элде баркталат !!!

Тайиров Ысмайыл ажы.
Тойчубеков Жолдош.
Ыса уулу Абибилло.
Гуламайдаров Абдулазиз.
Мамытов Ислам.
Бердибаев Өскөнбай.

Көөнө-Коргон айылын жашоочулары.
"Көрөнгөлүү Көөнө-Коргон" коомдук бирикмеси.

# Сөз соңунда

Улуу тоолор уулдарын унутпайт !

Улуу тоолордун арасында канча суулар агып, канча доорлор өттү.

Аскасы асман тиреген Сары-Кол (Чыгыш Памир) бийик тоолору тээ канча кылымдардан бери канча мезгилди көрдү, канча окуяларга күбө болду.

Ал мезгилдеги адамдар бул ааламдан кетти, азыр тоо арасында жаңы адамдар жаңы жашоо башташты.

Бирок тарых барактарында өткөн доорлор, өткөн доорлордо айтылып калган инсандар түбөлүк калды.

Ошол Памир тоолорунун арасындагы бир ууч кыргыз элинин тагдыры, кубаныч кайгысы бул биз үчүн чоң сабак.

Биз жаңы муун артыбызда кылчайып бир сыйра карап, өткөн доордун каармандарына баа берип, алардын жасаган иштерине, кажыбас кайраттарына ынанып таазим кылалы !!!

Демек, адам баласынын учугу үзүлбөйт экен!

Жашоо өз нугунда өтө берет турбайбы.

Сөз аягында айтаарыбыз "тарыхы болбой эл болбойт, тамыры болбой жер болбойт". Оо, улуу кыргыз элимдин урпактары, учугубузду уланталы, өткөндү унутпайлы!!!

Тоо арасында өткөн биздин тагдыр,

Тоо арасында жазылып калган өчпөс тарых!





# Жалындуу ысык салам

Биз жалпы (Мургап) Сары-Колдук кыргыздар жергебизден чыккан чыгаан инсандар, Жапаркул миң-башынын анын уулу Рахманкул-хандын урпактарына жалындуу ысык саламыбызды жолдойбуз. Улуу инсандын урпактары сиздер ар-дайым үй-бүлөңүздөр менен аман-эсен ден соолукта болуңуздар. Аккан арыктан суу ага берет. Биз менен ар дайым байланышып тууган-урук болуп бир туугандык байланышта болуңуздар. Өткөн доорлордо, биздин ата-бабаларыбыз улуу тоолордун арасында чогуу жашап жүрүшкөндүгүн биз эч качан унутпашыбыз керек. Сиздерди терең урматтоо менен жалпы (Мургап) Сары-Кол эли!

**********************************

Автордон ыраазычылык: Мен ушул китептин жарык көрүүсүнө салым кошуп, ак-дилден кызмат кылышкан, Тойчубеков Жолдош, Тайиров Ысмайыл, Ыса уулу Абибилло, Гуламайдаров Абдулазиз, Мамытов Ислам, Кудайбердиев Тешебай, Курбаналиев Абубакир агаларыма чын дилимден ыраазычылык билдирем!!!

Сиздерге чоң рахмат!!!!

Сиздерге башымды ийип терең таазим кыламын деп, автор: Өскөнбай Бердибаев.






































ЦГА КФФД КР


















































# Автор тууралуу маалымат

Бердибаев Өскөнбай Чожоевич 1982-жылы Алай районунун Сары-Могол айылында туулган. Ата-энесинин жумушуна байланыштуу Чыгыш-Памир (Сары-Кол) Мургап өрөөнүндө чоңойгон. Памир жөнүндө көптөгөн чыгармаларды жараткан. Үй-бүлөлүү, төрт кыз, үч уулдун сүйүктүү атасы. Учурда Бишкек шаарында “Билип ал” адабий-көркөм маалымат журналынын этникалык кыргыздар боюнча кабарчысы болуп эмгектенет.

# МАЗМУНУ


................................................................................ 3
АЛГЫ СӨЗ ........................................................................ 5
Доорлор түпкүрүнөн суурулуп ............................................. 7
"ДООРЛОР БАЯНЫ" ............................................................. 11
Ысмайыл ажынын баяны : ...................................................
Ысмайыл ажы Тайировтун айткандары: Жапаркул менен
Апийданин тоюндагы ырчылардын баяны .............................. 18
................................................................................ 20
Улакчылар: ......................................................................... 24
ТАРЫХЫЙ МААЛЫМАТ ........................................................ 27
Ислам Ахунбаевдин баяндамасы Жапаркул миң башы : ...............
Курбаналиев Абубакир Кара-Балта 80-жашта Жапаркул миң башы
боюнча айткандары : ........................................................... 32
Кудайбердиев Тешебайдын баяндамасы : ................................ 34
Ийон Пааша ......................................................................... 45
Жапаркул миң-башынын доорунда үзөңгүлөш болуп чогуу жүргөн
замандашы Гайыпназаров Ысак (чоң Ысак) жөнүндө эки ооз сөз.. 48
Аңызга айланып калган той, жана чертилип калган күү ................. 49
Жапаркул миң башынын мүнөзү ............................................. 50
КОШ-ҮҢКҮР ......................................................................... 51
Тамчы- Жар жөнүндө ........................................................... 54
Жапаркул миң-башынын бычакка сап болор уулу Рахманкул хан . 56
Жапаркул мырза миң-башы (дастан) ...................................... 57
ТОЙ (дастан) ........................................................................ 65







Кудайберген байдын кызы Апийда менен Жапаркул миң башынын
тоюнда алыстан ат арытып келген бир төкмө минтип ырдаган экен :
................................................................................ 71
РАХМАНКУЛ ХАН (дастан) ....................................................... 77
АРНОО ................................................................................ 81
Сөз соңунда ......................................................................... 88
Жалындуу ысык салам ............................................................ 89
Автор тууралуу маалымат ........................................................ 107

**Өскөнбай Бердибаев**

# ДООРЛОР БАЯНЫ

**(Даректүү баян жана ырлар)**

Редактору жана компьютердик калыпка салган:
Молдалиев Бактыбек

"Абдырай Групп" ЖЧКнун басмаканасында басылды
Дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,
Биринчи Май району, Киев көчөсү 77.
Тел: 0703224301





**Автордон:**

"Тамыры болбой жер болбойт,
Тарыхы болбой эл болбойт",- деген сөз бар элибизде. Биз тээ кыйырда жашаган кыргыздардын өткөн доорлорунан бир элес чагылдырууга аракет кылдык. "Жаңылбаган жаак, мүдүрүлбөгөн туяк болбойт" деген сыяктуу, бизден кеткен кемчиликтер болсо жалпы окурмандардан алдын-ала кечирим сурайбыз.



Кыргыздын акыркы ханы Рахманкул Жапаркул уулунун
туулган жери
(Мургап) Сары-Кол өрөөнү Тамчы-Жар конушу